# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ММКнын ИШМЕРДИГИНИН ГЕНДЕРДИК АСПЕКТИЛЕРИ: чакырыктар жана сунуштар

## Базалык изилдөө

**Кыргызстан 2023**

Бул басылма Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен жарыяланды.
Анын мазмуну үчүн "Социалдык технологиялар агенттиги" КБ гана жоопкерчилик тартат.
Басылма сөзсүз түрдө Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.

## МАЗУМУНУ

НЕГИЗДЕМЕ 3

ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ 5

ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ 6

ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ 7

1. 7

2. ЖАНДУУ ОКУЯЛАР 18

2. ФОКУС-ТОПТОРДОГУ ТАЛКУУЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ 45

СУНУШТАР 68

ТИРКЕМЕ 72



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## НЕГИЗДЕМЕ

Бүгүнкү күндө мультимедиялык жана санариптик коммуникация доорунда салттуу ММКлар жана интернет-басылмалар коомдук пикирди калыптандырууда, коомдук дискурсту түзүүдө жана гендердик белги боюнча басмырлоочу стереотиптерден эркин жана зомбулукту пропагандалоону жайылтууга каршы тура алган тең укуктуу коомду өнүктүрүүгө багытталган коомдук талкууга көмөктөшүүдө барган сайын чоң ролду ойноодо.

Гендердик терс стереотиптерди бекемдөөгө каршы, журналисттер жана ММКлар окуяларды чагылдырууну гендердик-сезимтал, басмырлоочу эмес кылып, гендердик теңчилик жана адилеттүүлүк идеяларын жана баалуулуктарын илгерилетүүгө көмөктөшө алышат.

Дүйнөлүк ММКга мониторинг жүргүзүү журналисттердин маалымат берүүсүндө гендердик тең салмаксыздыктын бар экендигин көрсөтүп турат. ММКлардын глобалдык мониторингинин маалыматтары көрсөткөндөй, аялдар ММКда дагы да болсо жетиштүү деңгээлде көрсөтүлбөйт, алардын ролу мурдагыдай эле бурмаланган, “жаңылык медиасында гендердик теңчилик принциптерин илгерилетүүдөгү прогресс дээрлик токтоп калган”. Ар бир беш журналисттик материалдын экиден азы аялдарга таандык – бул цифра 2005-жылдан бери өзгөргөн жок.

Кыргыз Республикасында да кырдаал өзгөргөн жок. Дээрлик отуз жылдан бери Кыргызстандын журналисттери үчүн гендердик маселелер боюнча тренингдер, семинарлар жана тегерек столдор өткөрүлүп келе жаткандыгына карабастан, гезиттерде, радиолордо, онлайн басылмаларда жана телекөрсөтүүлөрдө гендердик стереотиптер жана гендердик басмырлоо кеңири жайылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктарды жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуунун мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамында жынысы боюнча басмырлоонун ар кандай актыларына тыюу салынгандыгы жөнүндө так айтылганына карабастан, гендердик көйгөйдү актуалдаштыруу, тактап айтканда Кыргызстанда гендердик теңчиликти ишке ашыруу процессин жайлатуу менен гендердик стереотиптер жана бейкалыс пикирлер ММКда кайра жаралууда жана трансляцияланууда. Тактап айтканда, гендердик теңсиздик, массалык маалымат каражаттарында чагылдырылган гендердик стереотиптер, окуу куралдары, окутуу ыкмалары, бардык деңгээлдеги жашоого таасир этүүчү патриархалдык мамилелер сыяктуу конкреттүү маселелерди чечүү зарыл. Бул өлкөнүн негизги позицияларында иштеген негизги фигураларга таасир эткен гендердик стереотиптердин чагылышы.

Андан тышкары, гендердик сезимталдык, гендердик теңчилик принциптери жана негизги көрсөткүчтөрдө гендердик көйгөйдү эске алуу процесси боюнча билимдердин, компетенциялардын жана көндүмдөрдүн жетишсиздиги актуалдуу көйгөйлөр болуп саналат, аларды бардык деңгээлдерде жалпы системаны өзгөртүүгө түрткү берүүгө багытталган параллелдүү комплекстүү иш-чараларды ишке ашыруу аркылуу гана чечүүгө болот.

Аялдарга, жаштарга жана балдарга карата зомбулуктун деңгээлин төмөндөтүүгө көмөктөшүү жана жеткиликтүү, көз карандысыз жана сапаттуу ресурстары бар укук коргоо уюмдарынын жана ММКнын санын көбөйтүү максатында “Социалдык технологиялар агенттиги” КБ жана “Социологиялык, политологиялык жана социо-психологиялык изилдөөлөр борбору” КБ Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен 2022-2025-жылдар аралыгында “Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоорун (мындан ары – долбоор) ишке ашырууда.

Долбоор гендердик теңчиликти жана масаалык маалымат каражаттарын, адам укуктарын жана демократияны илгерилетүү аркылуу жаштардын ролун күчөтүүгө, ошондой эле тоскоолдуктарды жоюуга жана жаштардын маанилүү катышуусуна өбөлгө түзгөн факторлорду активдештирүүгө багытталган. Жаштар адам укуктарын, демократияны, гендердик теңчиликти жана массалык маалымат каражаттарынын эркиндигин камсыз кылууга олуттуу салым кошо алышат жана алардын катышуусунан коом пайда көрөт. Жакшы мыйзамдар, натыйжалуу институттар жана жаштардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү натыйжалуу демократиянын өз ара байланышкан аспектилери болуп саналат.

Кыргыз Республикасындагы ММКнын ишмердигинин гендердик аспекттеринин учурдагы абалын баалоо, долбоордун иш-аракеттерин андан ары пландаштыруу жана долбоордун алкагында андан аркы аракеттердин актуалдуулугун аныктоо үчүн боштуктарды жана көйгөйлөрдү аныктоо, ошондой эле комплекстүү мамилени иштеп чыгуу үчүн базалык изилдөө жүргүзүлдү. Бул компоненттин өзүнчө милдети болуп ММКда майыптыгы бар аялдарга басым жасоо менен аялдардын, жаштардын абалын чагылдырууну талдоо саналат.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3,  206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71,  Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## ИЗИЛДӨӨНҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Базалык изилдөөнүн максаты - фокус-топтор аркылуу максаттуу топтордон маалыматтарды, ой-пикирлерди топтоо жолу менен КР ЖОЖдорунун журналистика факультеттеринин, ММКнын ишмердигинин гендердик аспектилери боюнча учурдагы кырдаалды аныктоо жана талдоо. Ошондой эле, изилдөө аялдар, жаштар, айрыкча айыл жергесинде, анын ичинде майыптыгы бар адамдар туш болгон ММКдагы гендердик көйгөйлөрдүн репрезентациясынын өзгөчөлүктөрүн аныкташы керек.

Изилдөөнүн алкагында Кыргызстандагы ММКнын ишмердигинин төмөнкү гендердик аспектилерине талдоо жүргүзүлдү:

- Кыргызстандагы ММКда, интернет-басылмаларда жана ЖОЖдордо гендердик сезимтал журналистиканын (мындан ары - ГСЖ) азыркы абалын аныктоо.
- Гендердик сезимтал журналистиканын (мындан ары - ГСЖ) стандарттарын колдонуу практикасы;
- Журналисттерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу программаларына ГСЖ маселелерин интеграциялоонун деңгээли.
- ГСЖ стандарттарын колдонуу жана жаштардын жана майыптыгы бар адамдардын көйгөйлөрүн чагылдыруу үчүн ММКнын потенциалын жогорулатуу боюнча учурдагы жана мурдагы изилдөөлөргө/долбоорлорго/демилгелерге сереп салуу.



SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY STA АСТ АГЕНТСТВО СОЦИАЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ
**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн изилдөөнүн сапаттуу ыкмалары – кабинеттик изилдөө жана фокус-топтор колдонулган.

- ***Кабинеттик изилдөө.***

Кабинеттик изилдөөнүн максаты - гендердик аспекттер боюнча, ошондой эле жаштардын жана майыптыгы бар адамдардын көйгөйлөрү боюнча Кыргыз Республикасындагы ММКнын ишмердигинин учурдагы абалын талдоо.

Кабинеттик изилдөөнүн милдеттери:

- Медиа чөйрөнү изилдөө жана талдоо,
- ЧУАны өздөштүрүү,
- Изилдөөнүн темалары боюнча өздөштүрүү үчүн жеткиликтүү болгон учурдагы изилдөөлөрдү жана маалымат топтомдорун, расмий отчетторду жана статистикалык маалыматтарды изилдөө.

- ***Фокус-топтор***

Изилдөөнүн объектиси:

- ММКнын өкүлдөрү (редакторлор);
- ЖОЖдордун окутуучулары.

Изилдөөнүн субъекти: респонденттердин жеке тажрыйбасынын негизинде изилдөөнүн суроолоруна берилген пикирлери, баалоолору жана ойлору.

Респонденттерди тандоо. Потенциалдуу катышуучулардын тизмеси долбоор тарабынан аныкталат. ФТны даярдоодо жана өткөрүүдө төмөнкү шарттар аткарылат:

- ФТ өткөрүүгө чакырылган адамдар тандоо критерийлерине жооп берет, мындан тышкары катышуучулардын курагы – 18 жаш жана андан жогору;
- ФТ жакшы жабдылган жайларда өткөрүлөт;
- ФТнын орточо узактыгы – 1,5 саат;
- Бардык ФТлар кийинчерээк маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн аудио алып жүрүүчүгө жазылат.

ФТнын саны - 2.



“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

# ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ

## 1. КАБИНЕТТИК ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ

### 1.1 Гендердик теңчиликтин мыйзамдык негиздери

### 1.1.1 Эл аралык укуктук жөнгө салуу

Кыргыз Республикасы 1991-жылы көз карандысыздыкка ээ болуу менен Конституцияда адам укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулуктарга кирээрин аныктоо менен укуктук мамлекетти куруу жолуна түштү. Кыргыз Республикасы адам укуктарын камсыз кылуу боюнча бир катар эл аралык мыйзамдарга кошулган, муну менен эл аралык стандарттарды өзүнүн улуттук мыйзамдарында имплементациялоо милдетин өзүнө алган. Кыргызстан Борбор Азия чөлкөмүндө биринчилерден болуп Бириккен Улуттар Уюмунун **Адам укуктарынын жалпы декларациясына** 1994-жылы кошулган. Бүгүнкү күндө республика БУУнун Адам укуктары боюнча 8 универсалдуу эл аралык келишиминин катышуучусу болуп саналат.

- 1966-жылдагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- 1966-жылдагы Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- 1965-жылдагы Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция;
- 1979-жылдагы БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы;
- 1984-жылдагы Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенция;
- 1990-жылдагы Бардык эмгекчи мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция;
- 2006-жылдагы Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция;
- 1989-жылдагы Балдардын укуктары жөнүндө конвенция.

Кыргызстан тарабынан адам укуктары боюнча 30дан ашык эл аралык конвенциялардын жана протоколдордун андан ары ырааттуу ратификацияланышы мамлекет жана жарандык коом тарабынан адам укуктары концепциясын адам өмүрү багытында түшүнүүнүн кыйла кеңейишине, бул укуктар демократия жана укук тартиби менен ажырагыс байланышта экендигин таанууга өбөлгө түздү.

Ошондой эле Кыргыз Республикасы гендердик теңчиликке жетишүү боюнча бир катар милдеттенмелерди өзүнө алды, негизги эл аралык конвенциялар жана аялдардын укуктары



"Социалдык технологиялар агенттиги" Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

боюнча саясий документтерди ратификациялады. Бүгүнкү күндө Кыргызстан БУУнун аялдардын укуктарына түздөн-түз тиешелүү беш Конвенциясын ратификациялады:

a. 1979-жылдагы Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө;
b. 1952-жылдагы Аялдардын саясий укуктары жөнүндө;
c. 1962-жылдагы Никеге туруууга макулдук берүү, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө;
d. 1957-жылдагы Үй-бүлөлүү аялдын жарандыгы жөнүндө;
e. 1957-жылдагы Энеликти коргоо жөнүндө;

Мындан тышкары, Кыргызстандын гендердик саясаты төмөнкү документтерде жазылган эл аралык критерийлерге жана ченемдерге негизделет:

a. 1995-жылдагы Пекин декларациясы жана Иш-аракеттер платформасы;
b. 1993-жылдагы Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация;
c. БУУнун Башкы Ассамблеясынын “2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби” резолюциясы.

Кыргыз Республикасы Пекин иш-аракеттер платформасы боюнча өз милдеттенмелерин ийгиликтүү аткарган он өлкөнүн ичинен биринчилерден болуп саналат.

**Аялдардын укуктарын коргоонун эл аралык стандарттарында кандай негизги принциптер жана ченемдер камтылган?**

**Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция (АБЖК)** катышуучу мамлекеттерге иш жүзүндөгү гендердик теңчиликке жетишүү боюнча милдеттенмелерди аткарууга милдеттендирген негизги документ болуп саналат.

Конвенциянын негизги талаптары болуп төмөнкүлөр саналат:

- эркектер менен аялдардын тең укуктуулук принцибин өздөрүнүн улуттук конституцияларына же башка тиешелүү мыйзамдарга киргизүү, эгерде бул ишке ашырыла элек болсо жана мыйзам жана башка тиешелүү каражаттар аркылуу бул принциптин практикалык ишке ашырылышын камсыз кылуу;
- зарыл болгон учурда аялдарга карата ар кандай басмырлоого тыюу салган тиешелүү чараларды көрүү, анын ичинде санкциялар;
- аялдардын укуктарын эркектер менен бирдей негизде укуктук коргоону белгилөө жана компетенттүү улуттук соттордун жана башка мамлекеттик мекемелердин жардамы менен аялдарды басмырлоонун ар кандай аракеттерине каршы натыйжалуу коргоону камсыз кылуу;



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3,  206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71,  Email: ngo.sta.kg@gmail.com

- аялдарга карата кандайдыр бир басмырлоочу аракеттерди же практикаларды жасоодон алыс болуу жана мамлекеттик бийлик органдары менен мекемелердин бул милдеттенмеге ылайык иш алып барышын камсыз кылуу;
- аялдарга карата кандайдыр бир адам, уюм же ишкана тарабынан басмырлоону жоюу, аялдарга карата басмырлоону билдирген колдонуудагы мыйзамдарды, эрежелерди, үрп-адаттарды жана практиканы өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрүү;
- кылмыш-жаза мыйзамдарынын аялдарга карата басмырлоону билдирген бардык жоболорун жокко чыгаруу;
- жыныстардын биринин төмөндүгүнө же артыкчылыгына же эркектер менен аялдардын ролдорунун стереотипине негизделген терс ынанымдарды жокко чыгаруу жана каада-салттарды жана башка бардык тажрыйбаларды жоюу максатында эркектердин жана аялдардын социалдык жана маданий жүрүм-турум үлгүлөрүн өзгөртүү;
- үй-бүлөлүк тарбия энеликти социалдык функция катары туура түшүнүүнү жана бардык учурларда балдардын кызыкчылыктары үстөмдүк кылган шартта, өз балдарын тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн эркектер менен аялдардын жалпы жоопкерчилигин таанууну камсыздоо;
- аялдарды сатуунун жана сойкулукту эксплуатациялоонун бардык түрлөрүнө бөгөт коюу үчүн бардык тиешелүү чараларды, анын ичинде мыйзамдык чараларды кабыл алуу.

АБЖК айыл жериндеги аялдардын абалына өзгөчө көңүл бурат. Бул Кыргызстан үчүн абдан маанилүү, анткени өлкөнүн туруктуу калкынын үчтөн экиси айыл тургундары.
Мында айыл жергесинде аялдардын үлүшү 49,3%, шаарда 52,4% түзөт. Айылдарда турган аялдардын үлүшүнө Кыргызстандагы бардык аялдардын 64,6% туура келет.

**1953-жылдагы Аялдардын саясий укуктары жөнүндө конвенция -** аялдардын өз өлкөсүн башкарууга катышуусун камсыз кылган укуктарды коргоого багытталган эл аралык акт. Бул укуктарга төмөнкүлөр кирет:

- коомдук шайлоону талап кылган бардык мекемелерге шайлоо жана шайлануу укугу;
- өз өлкөсүндө коомдук-мамлекеттик кызмат орундарын ээлөө укугу.

**Никеге туруу макулдук берүү, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө конвенция** жубайды эркин тандоону, балдардын никесин жана бойго жеткенге чейин кыздарды кудалаштырууну жоюуну камсыз кылуу максатында кабыл алынган.
Конвенцияда төмөнкүлөр каралган:

- эки тараптын толук жана эркин макулдугусуз никеге турууга тыюу салуу, аны жеке өзү билдириши керек;



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

- никеге туруу үчүн минималдуу куракты белгилөө;
- ыйгарым укуктуу орган тарабынан никени каттоонун милдеттүүлүгү;.

**Үй-бүлөлүү аялдын жарандыгы жөнүндө конвенцияда** төмөнкүлөр каралган:

- анын жарандарынын бири менен чет элдик жарандын ортосунда никелешүү же никенин бузулушу да, күйөөсүнүн жарандыгынын өзгөрүшү да аялынын жарандыгына автоматтык түрдө чагылдырылбайт.
- башка мамлекеттин жарандыгын өз ыктыяры менен алышы да, анын кайсы бир жаранынын жарандыгынан баш тартуусу да ошол жарандын аялынын жарандыгын сактап калышына тоскоол болбойт.

**Энеликти коргоо жөнүндө конвенция** өнөр жай, айыл чарба, коммуналдык кызматтар, билим берүү, маданият, саламаттык сактоо тармактарында иштеген аялдардын укуктарын, анын ичинде үйгө жалдап жумушка алуу иштерин жөнгө салат.
Анда төмөнкүлөр каралган:

- кош бойлуу жана бала эмизген аялдардын ден соолугун коргоо чаралары;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүнүн, ооруп калганда же татаалдашкан учурда өргүүнүн, жөлөкпул төлөөнүн минималдуу мөөнөттөрү;
- кош бойлуулук мезгилинде жана кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүдө жүргөндө басмырлоого жол бербөөнүн зарылдыгы;
- баланы эмизүү үчүн тыныгууларды берүү бөлүгүндө эмизген энелерге колдоо көрсөтүү боюнча чаралар.

**1993-жылдагы Аялдарга карата зомбулукту жоюу декларациясы** аялдарды зомбулуктан коргоо боюнча эл аралык ченемдердин биринчи расмий жыйнагы болгон. Документ мамлекеттерди бул зыяндуу көрүнүштү айыптоого, аны жоюу боюнча милдеттенмелерин аткаруудан качуу үчүн эч кандай үрп-адаттарга, каада-салттарга же диний мотивдерге таянбоого чакырат. Декларация зордук-зомбулукка аныктама берет жана анын деңгээлин аныктайт:
Аялдарга карата зомбулук - бул коомдук болобу же жеке жашоодо болобу жыныстык белгинин негизинде жасалган зомбулук акты, ал аялдын физикалык, сексуалдык же психологиялык ден соолугуна зыян келтирүүчү же зыян келтириши мүмкүн болгон же азап чектириши мүмкүн болгон, ошондой эле мындай актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же өзүм билемдик менен эркинен ажыратуу.
Аялдарга карата зомбулук төмөнкү учурларды камтыйт, бирок алар менен чектелбейт:
а) үй-бүлөдө болуп жаткан физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, анын ичинде уруу, үй-бүлөдөгү кыздарга карата сексуалдык мажбурлоо, сеп менен байланышкан зомбулук, күйөөсү аялын зордуктоосу, аялдардын жыныстык органдарына зыян келтирүү


"Социалдык технологиялар агенттиги" Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

жана аялдарга зыян келтирүүчү башка салттуу практикалар, никесиз зомбулук жана эксплуатацияга байланыштуу зомбулук;

b) бүтүндөй коомдо болуп жаткан физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, анын ичинде зордуктоо, сексуалдык мажбурлоо, жумушта, билим берүү мекемелеринде жана башка жерлерде сексуалдык асылуу жана коркутуу, аялдарды сатуу жана сойкулукка мажбурлоо;

c) кайсы жерде болбосун, мамлекет тарабынан же уруксат берүү менен физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук.

Ошентип, Декларация зомбулуктун үч деңгээлин (үй-бүлөдө, коомдо, бүтүндөй мамлекетте же аны кабыл алууда) бөлүп көрсөтөт, ал ар кандай формада көрүнүшү мүмкүн.

**Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча Пекин иш-аракеттер платформасы (ПИП)** 12 негизги багытты аныктайт, алар боюнча мамлекеттердин өздөрү тараптан да, өкмөттүк эмес уюмдар жана эл аралык институттар тарабынан чаралар көрүлүшү керек:

1. Аялдар жана жакырчылык
2. Билим берүү жана кесиптик окутуу
3. Аялдар жана саламаттыкты сактоо
4. Аялдарга карата зомбулук
5. Аялдар жана куралдуу чыр-чатактар
6. Аялдар жана экономика
7. Аялдардын директивалык органдардын ишине жана чечим кабыл алуу процессине катышуусу
8. Аялдардын абалын жакшыртуунун институттук механизмдери
9. Аялдардын адам укуктары
10. АЯЛДАР ЖАНА ММК
11. Аялдар жана айлана-чөйрө
12. Кыздар



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

### 1.1.2 Улуттук мыйзам

Кыргыз Республикасы эл аралык укук коргоо макулдашууларын ратификациялоо менен эркектер менен аялдардын чыныгы тең укуктуулугун камсыз кылуучу саясий, укуктук, социалдык шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик саясаттын багытын колдойт. Демек, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы “аялдардын укуктары” түшүнүгүнүн мазмуну эл аралык укуктук актыларга окшош.

***Кыргызстанда гендердик тең укуктуулук кайсы мыйзамдарда белгиленген.***

Гендердик теңчиликтин негиздери Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы **Конституциясында** белгиленген, анда укуктар жана эркиндиктер ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык, мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей, эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге ээ, өлкөдө баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциби колдонулат.

**Негизги мыйзам төмөнкүлөрдү белгилейт:**

- эркектер жана аялдар үчүн укуктардын, эркиндиктердин жана аларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн бирдейлиги (24-берененин 3-бөлүгү);
- жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча басмырлоого жол берилбестик (24-берененин 1-бөлүгү);
- эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт (24-берененин 1-бөлүгү);
- улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, басмырлоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салуу (32-берененин 4-бөлүгү);
- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка кирүүдө, мыйзамда каралган тартипте кызматка көтөрүлүүдө укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги (37-берененин 3-бөлүгү).

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасында гендердик саясатты ишке ашыруу боюнча бир катар прогрессивдүү мыйзамдар, гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча улуттук программалар кабыл алынган.

Белгилей кетсек, Кыргызстан парламенти “Эркектер менен аялдардын бирдей укуктары менен бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” жана “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамдарды кабыл алган Борбордук Азия аймагындагы биринчи өлкө болгон.

**Кыргыз Республикасынын “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” мыйзамы** ар башка жыныстагы адамдарга турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде саясий жана экономикалык чөйрөдө бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү берүү боюнча мамлекеттик кепилдиктерди белгилейт, гендердик теңчиликти орнотуу жана колдоо боюнча мамлекеттин өз милдеттенмелерин ишке ашыруусу үчүн негиз болуп саналат.

Мыйзамда төмөнкүлөр каралган:

- мамлекетти башкарууда гендердик теңчиликтин кепилдиктери, мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө, кызматка көтөрүлүүдө бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр, квоталоо системасы, ага ылайык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчыларынын кадрдык курамында бир жыныстагы кызматчылар басымдуулук кылбашы керек;
- түздөн-түз жана кыйыр түрдө гендердик басмырлоого тыюу салуу;
- гендердик статистиканы жүргүзүүнүн зарылдыгы;
- экономикалык, социалдык, эмгек мамилелеринде гендердик теңчиликтин кепилдиктери;
- гендердик теңчиликти сактоону камсыз кылуу механизмдери.

**“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы** төмөнкүлөрдү регламенттейт:

- талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия бир жыныстагы талапкерлердин 70%дан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүк айырмасы үч позициядан ашпашы керек.
- алган мандаттарды бөлүштүрүүдө шайлоочулардын көпчүлүк добушун алган аял талапкерлердин ортосунда саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30%дан кем эмеси адегенде бөлүштүрүлүү керек. Эгерде саясий партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги аял жынысындагы талапкерлер шайлоочулардын добушун албай калган учурда, калган мандаттар аялдардын квотасы боюнча тизмени БШКда каттоодо белгиленген саясий партиянын тизмесине аял жынысындагы талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык келген кезектүүлүктө бөлүштүрүлөт.
- депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда аял



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

жынысындагы талапкерлердин ичинен, эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда эркек жынысындагы талапкерлердин ичинен катталган кийинки талапкерге берилет.

Бүгүнкү күндө **“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө**” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзам кабыл алынды, анда КР айылдык кеңештеринде мандаттардын 30% аялдар үчүн резервдөө жөнүндө ченем колдонулган.

**КР Эмгек кодекси төмөнкүлөрдү белгилейт:**

- эмгектик укуктар менен эркиндиктерди ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги;
- жынысына, расасына, улутуна, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, жашына, жашаган жерине, динге болгон мамилесине, саясий ынанымдарына, коомдук бирикмелерге таандыгына же таандык эместигине, соттолгондугуна (эмгектик мамилелер чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган чектөөлөрдөн тышкары), ошондой эле кызматкердин ишкердик сапаттарына жана анын эмгегинин натыйжаларына байланышпаган башка жагдайларга жараша эмгектик укуктарды жана эркиндиктерди чектөөгө же аларды ишке ашырууда кандайдыр бир артыкчылыктарды алууга тыюу салуу;
- бирдей эмгек үчүн бирдей эмес акы төлөөнүн жол берилбестиги;
- баланы кароо боюнча өргүүнү эненин гана эмес, баланын атасынын да пайдалануу мүмкүнчүлүгү.

КР **Үй-бүлө кодексинин** ченемдеринде төмөнкүлөр каралган:

аялдардын жана эркектердин укуктарынын жана эркиндиктеринин теңдиги, үй-бүлөлүк мамилелерде аларды ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги, жеке жана мүлктүк укуктардын жана милдеттердин теңдиги;

үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчилик коом жана мамлекет тарабынан корголот;

үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана алар менен бирге жашаган адамдардын ортосундагы мамилелер гендердик теңчилик принциптерине, ошондой эле инсандын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого негизделет;

үй-бүлөлүк мамилелерде гендердик басмырлоого тыюу салуу;

үй-бүлө, аталык, энелик, балалык- бүткүл коомдун камкордугунун жана мыйзам тарабынан артыкчылыктуу коргоонун предмети;

жубайлардын экөөнүн тең милдети бири-бирин материалдык жактан колдоо;

баланын энесине да, атасына да колдонулушу мүмкүн болгон ата-энелик укуктардан ажыратуу же чектөө;


“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

жашы жете элек балдарын багууга, аларды тарбиялоого, алардын билим алуусуна кам көрүүгө ата-эненин экөөнүн тең милдети.

**КР Кылмыш-жаза кодексинде, КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинде** эркектер менен аялдар үчүн кылмыштарды жана укук бузууларды жасагандыгы үчүн бирдей жоопкерчилик белгиленген, бирок алардын айрымдары боюнча жоопкерчиликке аялдар гана (мисалы, жаңы төрөлгөн баланы энеси өлтүргөндүгү үчүн) же эркектер гана (мисалы, кош аялдуулук же көп аялдуулук үчүн) тартылышы мүмкүн.

Жоопкерчиликтин теңдигинен аялдар менен эркектер үчүн жазаларды дайындоонун өзгөчөлүктөрүн айырмалоо зарыл. Мисалы, аялдарга өмүр бою эркиндигинен ажыратуу, коомдук жумуштар мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларына (б.а. эркектерге), кош бойлуу аялдарга дайындалбайт. Бирок, бул адамдардын категориялары жоопкерчиликтен кутулушу мүмкүн дегенди билдирбейт. Аларга кандай болгон күндө да жаза берилет, анткени Кылмыш-жаза кодексинин дээрлик бардык беренелеринде альтернативдик санкциялар деп аталган нерсе каралган жана сот кылмыштын оордугуна жана күнөөсүнүн даражасына жараша белгилүү бир иш үчүн жазанын түрлөрүнүн бирин тандай алат.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө мыйзам** жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо укугунун сакталышы үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жөнгө салат; үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоого жеткиликтүүлүктүн теңдигин, адам укуктары жана гендердик теңчилик жаатындагы мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын сакталышын камсыз кылат; адам укуктары менен эркиндиктерин кемсинтүүчү жана үй-бүлөлүк зомбулукка өбөлгө түзүүчү элдик үрп-адаттар менен каада-салттарга жол бербөө; коомчулуктун үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого катышуусу; үй-бүлөлүк зомбулуктан профилактикалык багыт алуусу. Ушул эле мыйзамда зомбулуктун курмандыктарына коргоо ордерин берүү тартиби, ошондой эле алардын укуктары, мамлекеттен юридикалык, социалдык, медициналык, психологиялык жана башка жардамдарды алуу мүмкүнчүлүгү жазылган.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## 1.2 Стратегиялар, программалар жана экспертизалар

Кыргызстанда кайсы болбосун мыйзам долбоору демилгеленгенге чейин милдеттүү экспертизанын 5 түрүнөн өтүшү керек. Анын ичинде **гендердик экспертизадан** өтүшү керек. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги туруктуу негизде өлкөнүн бардык мыйзамдарына гендердик экспертиза жүргүзөт.

Кыргызстан **2030-жылга чейин Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча кезектеги узак мөөнөттүү улуттук стратегияны**, ошондой эле **2022-2024-жылдарга Иш-аракеттердин улуттук планын** бекитти. Документ беш артыкчылыктуу багытты камтыйт:

- аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү,
- маданий саясат жана функционалдык билим берүү,
- гендердик басмырлоодон коргоо жана сот адилеттиги,
- аялдардын саясий катышуусу,
- гендердик теңчиликти камсыз кылуу максатында жөнгө салуу саясаты.

Ошондой эле Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы өзүнө гендердик багыттагы максаттарды, милдеттерди жана чараларды камтыйт. Анын ичинде энелердин өлүмүн 25%га азайтуу, балдардын жана аялдардын кызыкчылыктарын коргоо жана илгерилетүү, зомбулук жана эрте никеге туруу практикасын токтотуу, үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык формаларын токтотуу, жоопкерчиликтүү ата-эне болуу, энени жана атаны коргоо ж. б. принциптерди илгерилетүү.

Кыргызстанда **Балдардын никесин жоюу боюнча коммуникациялык стратегияны** ишке ашыруу процесси жүрүп жатат. **Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулукка чара көрүү жана азайтуу боюнча план** иштелип чыгууда.

2012-жылдан бери **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Аялдар иштери жана гендердик өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш** иш алып барууда.

Кыргызстанда айрым мамлекеттик органдарда: Жогорку Кеңештин депутаттарынын, шаардык кеңештердин депутаттарынын, Эсептөө палатасынын аудиторлорунун, Жогорку соттун, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьяларынын, Омбудсмендин (Акыйкатчынын) орун басарларынын курамында аялдардын жана эркектердин өкүлчүлүгүн камсыз кылуунун **(бир жыныстагы адамдардын 70%дан ашык эмес)** мыйзам менен аныкталган атайын чаралары колдонулат. Ушул атайын чаралардын натыйжасында жогоруда аталган мамлекеттик органдарда аялдар менен эркектердин зарыл болгон минималдуу өкүлчүлүгү камсыз кылынат.

***Кайсы ченемдик укуктук актылар ММКнын ишинде гендердик тең укуктуулукту белгилейт.***

**Кыргыз Республикасынын Этика кодексинин 6-беренеси** коомдун кызыкчылыктарына, адамдын жана жарандын укуктарына зыян келтирип, согушту жана зомбулукту, расалык, улуттук, региондук, диний жана социалдык, ошондой эле жыныстык, гендердик жана сексуалдык сабырсыздыкты пропагандалоо үчүн журналисттик ишти жүзөгө ашырууга жол бербөөнү карайт.

**“ММК жөнүндө” мыйзамда** журналисттин согушту, **зомбулукту** жана ырайымсыздыкты, улуттук, диний өзгөчөлүктү жана башка элдерге жана улуттарга сабырсыздыкты пропагандалагандыгы үчүн жоопкерчилик каралган;

Жумушчу топто талкууланып жаткан **“ММК жөнүндө” мыйзам** долбоору массалык маалымат каражаттарына согушту пропагандалоо, улуттук, расалык, региондук жана диний кастыкты козутуу, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү козутуу үчүн маалыматтарды жарыялоого тыюу салат; жарандарды жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук жана региондук таандыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле жеке жана коомдук мүнөздөгү башка жагдайлар боюнча басмырлоочу материалдарды жайылтууга тыюу салат.

## 2. ЖАНДУУ ОКУЯЛАР

### 2.1 Анна Капушенко: “Гендердик теңчиликти илгерилетүү үчүн журналисттерге сөз эркиндиги керек”



***Гендердик теңчиликти жайылтуу үчүн журналисттерге сөз эркиндиги керек***

*“Клооптун” башкы редактору Анна Капушенко 10 жылдан ашык журналистика менен алектенет.*

*Аннанын айтымында, азыр гендердик теңчиликке байланыштуу күн тартиби алыскы планга чыкты, анткени медиага массалык чабуул жүрүп жатат.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*“Бир нече мыйзам долбоорлору талкууланып жатат, азыр медиа кызматкерлери жасаган нерсе – бул өздөрүн коргоо. Буга абдан көп ресурс жумшалып жатат, ошондуктан бүтүндөй ММКны жоготуу коркунучу алдында турган учурда гендердик теңчилик темасында ой жүгүртүү кыйын.*

*Эгерде бизде шарттар, сөз эркиндиги калса жана мыйзамдын чегинде каалаган нерсебизди жасай алсак, анда биз өзүбүздү коргоо жана коопсуз кылуу үчүн көп убакыт жана күч жумшамак эмеспиз, анда гендердик теңчиликти илгерилетүү маселесинде көбүрөөк прогресс болмок. Биз эки жылдан бери өмүрүбүз, коопсуздугубуз үчүн коркуу режиминде болуп келебиз, каалаган убакта бизди камап коюшу мүмкүн, медиабыз жабылып, жумушубуздан айрылып калышыбыз мүмкүн деп коркобуз.*

*Ошондуктан, өлкөдө гендердик теңчиликти күчөтүү үчүн жетиштүү иш жасаган жоксуңар деп бизди айыптоонун мааниси жок. Медиа мындай аман калуу режиминде болгондо аларды аялдардын укуктарын илгерилетүү маселелери азыраак кызыктырат – анткени аман калуу негизги маселе”, — дейт Анна.*

*“Клооптун” башкы редактору гендердик зомбулук жөнүндө материалдарды түзүү боюнча өзүнүн тажрыйбасы менен бөлүштү жана бул жааттагы системалык изилдөөлөр мындай басылмаларга карата талаптарды кантип калыптандырганы жөнүндө айтып берди.*

*Анна аялдарга карата зомбулук боюнча изилдөөлөрүн өзүнүн окуясынан баштаган — эжеси үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган. Жабыр тарткан эжеси аны сабаган күйөөсүн жоопко тарттыра алган эмес.*

*“Мен мунун баарын системалуу түрдө изилдей баштадым жана Кыргызстанда баары тескеринче экени түшүнүктүү болду. Мындай олуттуу көйгөйлөргө туш болгондо аялдар адилеттүүлүкө таптакыр жетише алышпайт. Бул милицияга кайрылуу жардам бербегендигинен башталат жана соттор агрессорлорго жумшак өкүм чыгаруу менен аяктайт”, — дейт Капушенко.*

*Натыйжада, Анна Капушенко гендердик зомбулук – системалуу көйгөй экенин далилдеген маалыматтарга негизделген бир нече макала жазган.*

*Макалалардын биринде үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөндөрдү жоопко тартуу абдан татаал экени айтылат, ал эми фемицид тууралуу изилдөө Кыргызстанда аялдарды өзүнүн жазасыз болорун сезген үй-бүлөлүк агрессорлор өлтүрүп жатканын далилдейт.*

*“Эгерде бизде үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жакшы болсо, агрессорлор камалмак, дагы кандайдыр бир чаралар көрүлмөк, аялдарды өлтүрүү азыраак болмок. Азыркы учурда бизде үй-бүлөлүк зомбулуктан улам жылына 20 аял өлтүрүлөт, бул 20 медиада басылып чыккандар. Ал жерде тергөө кылмыштын натыйжасын кандай квалификациялап жатканын териштирүү керек” – деп түшүндүрөт Анна.*

*Аннанын айтымында, үй-бүлөлүк зомбулуктун дагы бир жагы бар – өзүн коргоонун натыйжасында агрессорлорду өлтүрүү. Бул жерде да система кайрадан эле аялдар тарапта эмес.*

*“Аялдар көбүнчө эркектерди коргонууга, аман калууга аракет кылып жатып өлтүрүшөт деген тыянакка келдик. Тергөө муну өзүн-өзү коргоо катары квалификациялабайт. Негизинен өзүн-өзү коргоо боюнча берене дээрлик колдонулбайт жана аялдарды киши өлтүрдү деп камашат” – деп кошумчалайт “Клооптун” башкы редактору.*

*Көйгөй системалуу экендигин жана “Клооптун” жамаатында фемоптика менен кызматкер айымдар бар экендигин эске алуу менен Анна Капушенко жана анын командасы көйгөйдү чагылдырууга системалуу мамиле жасай башташкан.*

*“Гендердик зомбулукту чагылдыруу боюнча “Клооптун” стратегиясы бир нече аспектилерде. Биз кейстин өзүн байкап турабыз. Бул абдан татаал процесс, анткени ар бир адамда күчтүү фемоптика жок жана кээде биз ката кетиребиз. Бирок биз жабырлануучу айыптоочу баяндарды колдонбоого аракет кылабыз. Биз макаладан кийин агрессор күнөөлүү эмес, жабыр тарткан аял күнөөлүү деген сезим калбагандай кылганга аракет кылабыз. Биз, албетте, мыйзамдарды, ал жакта эмне өзгөрүп жатканын байкап турабыз. Укук коргоочулардын бул темада эмне деп айтканын байкап турабыз.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*Биз бул тема боюнча бийликтин билдирүүлөрүн байкап турабыз. Азыр биз бийликтин зордук-зомбулук көйгөйүн четке кагууга же укук коргоо органдарынан башкалардын баарына жоопкерчиликти жүктөөгө аракет кылып жаткандыгына көп кездешебиз. Биз, албетте, буга да көңүл буруп, макул эмес экенибизди жазабыз.*

*Ролдук моделдердин арыздарын, мисалы, көптөгөн жазылуучулары бар адамдарды байкап турабыз. Эгерде масса артынан ээрчиген адамдар зомбулукту нормалдаштырууга аракет кылышса — биз андай болбошу керек деп түшүндүрөбүз. Изилдөөлөрдү, окуяларды биз дайыма жасайбыз, аларды социалдык тармактар үчүн видеолордо, карталарда кайра таңгактайбыз”, — дейт ал.*

*Аннанын айтымында, “Клооптун” бардык иштелмелери азыр болуп жаткан окуяларды мурункудай травматикалык контекстте көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, бирок азырынча мунун баары идеалдан алыс.*

*“Үч-төрт жыл мурун жасаган окуяларыбызга биздин азыркы гендердик оптикадан өтпөй калган иллюстрацияларды заказ кылганбыз. Иллюстрациялар негизинен аял сабалган, ага эркек үстөмдүк кылат. Мындай классикалык штамп, аны башка медиа кызматкерлер да көп колдонушат. Бул азыр актуалдуу болбошу керек экенин түшүнөбүз, анткени бул жөн гана жабырлануучунун образын бекемдейт.*

*Биз бул жагдайды өзгөртүп, аялдарды жабыркабаган, аман калган кылып көрсөткүбүз келет. Биз мындан ары эски клишелер менен иштегибиз келбейт — аялды байкуш жана бактысыз катары көрсөтүүнү каалабайбыз. Бул таптакыр башка баян — алардын күчүн көрсөтүү, канчалык кыйынчылыктар болгонуна карабастан, алар агрессордун тозоктуу “кучагынан” кутулуунун жолун табышканын көрсөтүү. Бул гендердик-трансформациялык мамиле.*

*Биз азыр бул багытта иштөөгө аракет кылып жатабыз, бирок анда да кыйынчылыктар бар. Азырынча дүйнө жүзү боюнча кырдаалды кантип өзгөртүш керектигин ойлоп табыша элек, эгерде Кыргызстанда муну дароо*

*беш секунддун ичинде ойлоп табышса, таң калыштуу болмок. Бирок, биз азыр ушул багытта ойлонуп жатабыз” — деп түшүндүрөт Анна.*

*Кыйынчылыктар гендердик сезимтал контентти өндүрүүдө гана эмес, аны жайылтууда да күтүүдө. Редакция социалдык тармактарда тыюу салынган темаларды көтөргөндө хейт менен көп кездешет.*

*“Феминитивдер боюнча хейтте, сексуалдык билим берүү, этек кир маселеси, мисалы, ушул кезге чейин тыюу салынган тема. Этек кир жөнүндө кыскача видео чыгарганда интернетте бул тема жөнүндө сүйлөшпөш керек деген көптөгөн комментарийлер болгон. Суроо – анда бул жөнүндө кайда сүйлөшүш керек? Көчөлөрдөбү, дубалдын түбүндөбү?*

*Биз көптөгөн хейт менен кездешкенде биз үчүн бул тема абдан маанилүү, аны көбүрөөк чагылдыруу керек дегенди билдирет. Демек, коомчулуктун ичинде кандайдыр бир көйгөй бар жана бул абдан катуу таасир эткендиктен, абдан ачууланганды ктан, бул тууралуу көбүрөөк айтуу керектигинин көрсөткүчү”, — дейт Анна.*

*Капушенконун пикири боюнча зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча айрым жоопкерчилик дал ушул журналисттерге жүктөлөт, ошондуктан алар сезимтал маалыматтарды таратууга жоопкерчилик менен мамиле кылышы керек. Капушенко азырынча кыргыз журналисттери жапа чеккен адамды айыптоонун эсебинен өз материалдарында зомбулукту нормалдаштырууну улантып, зомбулукту романтикалаштырууну улантууда деп эсептейт.*

*“Зордук-зомбулукка байланыштуу окуялар жөнүндө сөз кылганда көптөгөн маалымат каражаттары шок-контентти, мисалы “Аял түшкү тамак жасагысы келген жок. Эркек аялына 15 жолу бычак сайып, өлтүргөн” деп чыгарышат. Бизге тозоктой көрүнгөн жана акылыбызга сыйбаган бул аталышты көпчүлүк “Ал түшкү тамакты жасаган жок да, демек, аны өлтүрүп койсо болот” деп эсептешет.*

*Ой жүгүртүүбүздү кайра форматтоо биз үчүн абдан кыйын болду, анткени сен көп учурда билбей туруп кээ бир нерселерди жасайсың. Бул аталыштар, жаңылыктын жазылышы зордук-зомбулукту нормалдаштыруу*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*процессине чоң таасирин тийгизет. Медийщиктер агрессор "кызгануудан улам аны сабады" деп жазышканда – бул зомбулукту романтикалаштыруу".*

*Аннанын көз карашы боюнча зомбулукту нормалдаштыруу бул аялдардын агрессордун колунан чыгып кетишине тоскоол болгон жана зомбулук көрсөткөндөрдүн уруп-сабоону улантуусуна мүмкүнчүлүк берген узун чынжырдын бөлүгү.*

*"Бардык журналисттер эмпатия боюнча көйгөйлөргө дуушар болушат. Журналисттер дайыма зордук-зомбулук, киши өлтүрүү жана башкалар жөнүндө ушундай татаал окуяларга туш болушкандыктан, өзүн-өзү коргоо механизми иштей баштайт жана адамдар уятсыз болуп калышат. Алар муну веб-сайтка жайгаштырыла турган нерсе катары кабыл алышат. Бул конкреттүү адамга кандай таасир этет же жалпысынан өлкөнүн абалына кандай таасир этет? Булар жөнүндө ойлонгондор аз. Бул ушундай кесиптик деформация. Бул нерсени өзгөртүш керек, аны менен күрөшүш керек.*

*Ички мизогиния да бар — бул өтө татаал нерсе, аны түшүнүү жана ой жүгүртүүнү кайра форматтоо кыйын", — дейт Анна.*

*Бирок, Анна ММКдан баары эле көз каранды эмес экенин баса белгилейт — медийщиктер дайыма эле өлкөнүн абалына таасир эте албайт. Системалык деңгээлде бир нерсе өзгөрүш үчүн гендердик теңчилик маселелерине чечим кабыл алуучулар тартылышы керек.*

*"Саясатта жана өкмөттө эркектер гана болсо, мен алардан эч кандай катышууну күтпөйм. Бийлик алмашары менен саясатта аялдарды эч ким күтпөгөнү белгилүү болду. Аларды ал жактан кууп чыга баштады. Системалык көйгөйлөрдү чечүү маселеси медиага гана тиешелүү эмес, ММК көйгөй жөнүндө кыйкыра гана алат. Бул маселелер жогору жакта көтөрүлүшү керек.*

*Азыр бийлик руханий билим берүү тууралуу айтып жатат, эгер биз идеологияны куруп жатсак, анда аялдардын укуктары темасы толугу менен киргизилиши тийиш. Бирок, тилекке каршы, киргизилген жок. Бул, мисалы, бирдей эмгек акыга тиешелүү болушу керек. Эгер мыйзамдарда бул жазылса жана ал үчүн иш берүүчү жоопту болсо, анда бир нече жылдан кийин абал*



**"Социалдык технологиялар агенттиги" Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*жакшырат деп ойлойм. Бүткүл өлкө боюнча бир нече гана медиа бул күн тартибин көтөрө тургандай эмес, системалуу түрдө иштөө керек болгон нерселер бар.*

*Биз болду иштебейбиз деп айтып жаткан жокпуз. Биз тилекке каршы, чечим кабыл алган адамдарда жоопкерчилик көп жана алар бул оюнга тартылышы керек деп айтып жатабыз, — дейт Анна.*

*Журналистиканын гендердик сезимтал стандарттарына кайрылсак, Анна журналисттер дайыма ушул нерсеге окутулушу керек экенин белгиледи.*

*“Дүйнөдө көп нерселер болуп жатат, дүйнө өзгөрүүдө, кээ бир өлкөлөр жаңы мыйзамдарды киргизүүдө жана журналисттер башка медиада да өз ишин жакшыртууда. Башка медианын практикасын карап, изилдөөлөрдү окуп, эмне экенин түшүнүү керек, башкача айтканда, дайыма жакшыртуу зарыл. Ошондо гана бардыгы өнүгөт. Бул кайсы болбосун тармакта ошондой — туруктуу билим алуу”, — дейт “Клооптун” башкы редактору.*

*Редакциянын туш болгон кыйынчылык — кызматкерлерди сезимтал темаларды туура чагылдыруу боюнча системалуу окутуу.*

*“Жамаат — бул тирүү организм, ал дайыма өзгөрүп турат, кимдир бирөө кетет, кимдир бирөө келет, дайыма эле фемоптика менен адамдар келе бербейт. Бул тууралуу тынымсыз сүйлөшүүлөр, талкуулар, албетте, жардам берет, бирок дайыма эмес”, — дейт Анна.*

*Ал гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары басылманын редакциялык саясатында жазылууга тийиш экендигин баса белгиледи.*

*“Бул этика жөнүндө, мунун баарын ошол жерге киргизип, журналисттерге мындай эрежелер топтому бар экенин дайыма айтып туруу керек. Бул тууралуу редакциянын ичинде дайыма айтып туруу зарыл. Жалпысынан, журналисттер көбүнчө этикага байланыштуу көйгөйлөргө туш болушат.*

*Бизде ММКга даттануу боюнча комиссия бар, бирок азырынча бул институт журналисттерге олуттуу таасир эте албайт. Бул жакшы эмес,*

*анткени медийщиктерде кандайдыр бир талкуулоо жана ой жүгүртүү институту болушу керек” — деди ал.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## 2.2 Дина Маслова: “Гендердик темалар көптөгөн басылмаларда артыкчылыктуу болуп калды, бирок өлкөдөгү кырдаалды өзгөртүү үчүн чечим кабыл алуучулар оюнга тартылышы керек”



***Гендердик темалар көптөгөн басылмаларда артыкчылыктуу болуп калды, бирок өлкөдөгү кырдаалды өзгөртүү үчүн чечим кабыл алуучулар оюнга тартылышы керек***

*Дина Маслова Kaktus.mediaнын негиздөөчүсү, журналистика жана коммуникация тармагында 20 жылдан бери иштеп келет.*

*Маслованын пикири боюнча редакцияларда гендердик тема артыкчылыктуу болуп калды, анткени кээ бир кейстер окурмандарды тынчсыздандырбай калды.*

*“Ошол эле эксперттер пайда боло баштады. Бул жөнүндө айткан адамдар көбөйдү. Көбүрөөк чагылдырылган кейстер көбөйдү. ММКлар өздөрүнүн маалыматтык саясаты боюнча тартылып жатышат, мындай*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*темаларга көбүрөөк көңүл бурулуп, мезгил-мезгили менен кайсы сөздөрдү тандоо керектигин өзүбүз түшүнүшүбүз үчүн тренингдер болуп турду.*

*Бул чындыгында глобалдык жаңылык темасы. Кантсе да дүйнө да өзгөрүп жатат жана бул тема дүйнөлүк ММКда алда канча активдүү көтөрүлө баштады. Бул кандайдыр бир акциялар. БУУнун зордук-зомбулукка каршы 16 күндүк өнөктүгү канчалык сынга алынбасын, бул да маалыматтык себеп, бул иш-чара, бул көргөзмөлөр, конференциялар. Бардыгы акырындап өзгөрө баштады.*

*Мындан тышкары, терең темалар пайда боло баштады. Жаңылыктар гана эмес. Алгач эксперттер менен маектешүүлөр пайда боло баштады. Анан аналитика чыга баштады” — деп түшүндүрөт ал.*

*Бирок, Маслова белгилегендей, бул темалар анчалык деле “чуулгандуу” эмес, анткени көйгөйлөр ушунчалык көп болгондуктан, гендердик маселелер бул агымда чөгүүдө.*

*“Эч кандай көйгөй жок болгон кырдаалды элестетип көрсөңүз. Ашыкча курулуштар менен да, түтүн менен да, баалар менен да, согуш менен да, курстун туруксуздугу менен да, гендер темасы гана бар жана ал жөнүндө баары жазууда, анткени жаза турган башка нерсе жок. Ошондо биздин үнүбүз угулат.*

*Ал эми көйгөйлөр көп болгондо, алар барган сайын көбөйө берет... Биз жаңылык ММКсы катары эч нерсеге жетишпей жатабыз. Ушунчалык көйгөйлөр көп жана бизге ушунчалык кайрылуулар да көп...*

*Мен өнүгүү ылдамдыгы деградация ылдамдыгына караганда бир топ төмөн деп эсептейм. Бул биздин өлкөнүн негизги көйгөйү. Ошондуктан, биздин салым абдан кичинекей. Бул баш тартуу керек дегенди билдирбейт. Марафонго ким жетет”, - дейт ал.*

*Ал журналисттер, жарандык коом — мындай темаларды чагылдырууда тажрыйбалуу болуп калды деп эсептейт.*

*“Биз аларды учурда башка ракурстан көтөрбөй калдык. “Клооп” дата-материалдарды даярдайт, Kaktus.media com процесстерин чагылдырат.*



SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY
**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*Активисттер жана журналисттер кесипкөй боло башташты, биз башка темаларды көтөрө баштадык, бирок биз дээрлик кууш аудиторияга таасир этип жатабыз” — деп баса белгиледи Маслова.*

*Ошол эле учурда, анын айтымында, өлкөнүн калкына негизги таасирин тийгизген саясатчылар жана өкмөттүн өкүлдөрү мындай темаларды азыраак козгой башташты, анткени ал жакта аялдар жок.*

*“Акыркы эки жылдан бери коом менен мамлекеттин ортосунда олуттуу бөлүнүү жүрүп жатат. Саясатчылар мындай маселелерди азыраак көтөрө башташты, алар кеңири аудиторияга таасир этишет, аларды угушат. Социалдык блок, билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык коргоо, гендер, майыптыгы бар адамдар — мунун баары экинчи планга чыкты. Бардык саясатчылар Ташиев Жапаров менен уруштубу же жокпу дегендерди талкуулап жатышат.*

*Аялдар вице-премьер болгон мезгил болгон. Жетекчилер кылып эркектерди дайындап, ал эми аялдардын социалдык блокторго орун басар кылып дайындап жатышат деп көп нерсе айтсак болот. Бирок азыр эч ким жок. Жок дегенде алар болгондо, алар көбүрөөк айтышчу. Азырчы? Социалдык саясат боюнча комитет да, вице-премьер да, социалдык коргоо да, билим берүү министрлиги да, саламаттык сактоо министрлиги да эч нерсе дебейт — жалаң эркек кишилер отурат.*

*Алар айтууну токтотушту. Алардын артыкчылыктары башкада. Азыр саясий өңүттө кескин артка чегинүү болду. Бул жакшы эмес. Бизде социалдык блок боюнча вице - премьер да башка нерсе менен алектенет.*

*Бийликтин көйгөйү эмнеде? Ал шайлоодон шайлоого чейин жашайт жана көз ирмемдик чечимдерди каалайт. Ал эми гендердик зомбулук темасы, улуттун ден соолугу, улуттун билими – бул узак мөөнөттүү. Биздин ролубуз багынбоо. Суу ташты тешет. Он жылдан кийин...”, — дейт Kaktus.mediaнын негиздөөчүсү.*

*Мындан тышкары, Динанын көз карашы боюнча ММК бүт өлкөгө таасир эте албайт, анткени балдарды тарбиялаган адамдардын көбү ММКны окушпайт. Ал эми окуп жаткан болсо да, журналисттер жазгандын*

*негизинде эмес, айланасындагылар айткандын негизинде чечим кабыл алышат.*

*“Алар “Клоопту” да, Kaktus.mediаны да, “Азаттыкты” да, башкаларды да окушу мүмкүн, бирок алар үйдө башкача. Бул аларга көбүрөөк таасир этет. Анткени туугандары: “Уулу робототехникада, кызы бийде болгону салтта” деп айтышат. Же батирди алгач кызына эмес, уулуна сатып беришет” — деп баса белгилейт Маслова.*

*Ошол эле учурда Маслова ММКлар чечим кабыл алууга таасир эте аларын жана аракеттерди дал ушул жакка багыттоо керектигин баса белгилейт.*

*“Чечим кабыл алган адамдар Улутстаткомдун жаңыланбаган же таптакыр чогултулбаган статистикасынан гана эмес, ММКдан алынган талдоонун негизинде да чечим кабыл алышат. Жазаны күчөтүү же педофилдерди химиялык кастрациялоо пайдасыз экендиги жөнүндө. Буга ММК таасир этиши керек. Анын ичинде бизде күзөтчү ит функциясы да бар.*

*Мен чечим кабыл алууга таасир этүүчү ММК функциясын көбүрөөк жактайм. Мен билим берүү функциясы экинчи орунда деп эсептейм. Анткени биздин материалдар окшош. Ал эми шарттуу түрдө мамлекет бардык мектептерде боло турган сексуалдык билим берүү жана адам укуктары боюнча стандартты кабыл алса, мугалимдерди системалуу түрдө даярдаса, [бул натыйжалуураак]. Биз муну талап кылышыбыз керек. Бул ар бир мектепте болот. Биз ар бир окуучуга жете албайбыз. Ал эми мектептер жана тарбиячылар жетет” — деп кошумчалайт ал.*

*Ал кесипкөйлүктүн жогорулашына карабастан, редакцияларда тыюу салынган темалар калууда, мисалы, күнүмдүк стереотиптер, кыздарды, эркек балдарды тарбиялоо, сексуалдык тарбия. Бул темаларды көтөрүү кыйын, анткени алар өтө сезимтал жана редакциялар ар тараптан көп хейтке дуушар болушат деп кошумчалайт.*

*“Бизде сторителлинг аз, анткени жабыркагандардын бардыгы коркушат. Андан тышкары, жарыялангандан кийин да — сен алардын көзүн жаптың, үнүн өзгөрттүң — бирок алар чалып: “Баары бир кесиптештерим*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*мени тааныды, өчүргүлө” дешет. Адам отуруп, кейсти айтып бериш үчүн окуялар аз. Жокко эсе. Саналуу гана.*

*Алар туугандары көрбөш үчүн лайк басышпайт. Өспүрүм кыз апасынын телефонунан жазылган. Ал биздин баракчага кирип, карап, вотсапка жазат жана билдирүүлөрдү өчүрөт. 80% ушундай кылат. Баары коркушат”, — дейт Маслова.*

*Kaktus.mediaнын негиздөөчүсү гендердик тематиканы чагылдырууда ММКнын ишин жакшыртууга тренингдер жардам берет деп эсептейт. Бирок, алар дайыма эле жетиштүү боло бербейт.*

*“Аналитика үчүн контент керек, башкача айтканда, ар кандай изилдөөлөрдүн маалыматтары. Терминологияны гендер боюнча гана эмес, ЖОЖдордо предмет катары да киргизүү керек. Мисалы, майыптыкка байланыштуу темалар, ЛГБТ боюнча. Биз комментарий алган добуштар көбүрөөк болушу керек — саясатчылар, эксперттер, шоу-бизнес жылдыздары. Адамдар бул жөнүндө канчалык көп айтышса, биз ошончолук көп жазабыз. Биз айтылгандар жөнүндө жазабыз. Алар айткан жок, жазылган жок. Бул жаңылык журналистикасында”.*

*Ал редакцияларга ушул сыяктуу темаларды кантип жазуу керектиги боюнча жакшы иштелип чыккан саясат керек — журналисттер азыр жалпы этикалык стандарттарга таянышат деп кошумчалайт.*

*“Мисалы, менде жапа чеккен адамды айыптоо боюнча ички сезимталдык жок, анткени мага бул мүнөздүү эмес, ошондуктан мен бул темалар боюнча жазган эмесмин. Гендердик формулировкалар боюнча консультанттар теманы жакшы билгендиктен редакцияларда абалды жакшыртуу үчүн пайдалуу болмок. Ал эми бул керек болгон редакцияларда муну жакшыртуу мүмкүн эмес”, — дейт Маслова.*

*Маслова өлкөдөгү гендердик теңчилик боюнча кырдаалды өзгөртүү үчүн бул маселелерди чагылдырууга мамлекеттик ММК кошулушу керек деп ырастайт. “Тилекке каршы, мамлекеттик ММКнын камтуусу мурдагыдай эле чоң. Ал жерде гендер, анын ичинде билим берүү түшүнүлүшү керек” — деп түшүндүрөт ал.*

*Бирок, анын ою боюнча бир гана чагылдыруу жетишсиз. Бийлик бул темаларды көтөрүүгө жана бир нерсени өзгөртүүгө кызыкдар болушу керек.*

*“Менин оюмча, биздин демографияны эске алуу менен аялдар саясатта көбүрөөк болушу керек. Бизде канча аял бар? Алардын кызыкчылыктарын ким билдириши керек? Азыр саясаттагы эркектер тендерлер, байрактар, Дубайлар ж.б. менен алек. Макул, саясатта эркек киши болсун, бирок ал аялдардын маселеси жөнүндө айтсын. Бул абдан маанилүү. Анан да ошол эле динде – насаат кыл: “Аялыңды да, балдарыңды да урба”. Ал эми бизде насаат эмне жөнүндө, ким билет?” — деп белгилейт Дина.*

*Анын пикири боюнча гендердик зомбулук боюнча кырдаалды өзгөртүү үчүн бийлик аракеттердин методологиясын өзгөртүшү керек — үй-бүлөлүк зомбулукту иликтегиси келбеген милиционерлерди жазалоо жана аны жасоого даяр болгондорду кубаттоо.*

*“Мисалы, бул үч адамды өлтүрүү. Бул тууралуу сүйлөшүү үчүн үй-бүлөлөрдү канчалык мыкаачылык менен өлтүрүш керек? Мен ишенем, тергөө да, дата-материалдар да, эксперттердин айрым комментарийлери да кырдаалдын өзгөрүшүнө эч кандай таасир этпейт. Аларды ким окуйт? Мен, силер, эл аралык уюмдар. “Клооптун” гендер боюнча дата-материалдары канча жолу көрүлгөн? Жарнамасы жок, эч нерсеси жок. А биз бул теманы билебиз.*

*Методологияны өзгөртүү керек. “Ой, өз арызың менен эмне келдиң? Кабыл ал. Туугандар эмне дейт?” деген милиционерлерди жазалоо. КРІни койгула – үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштерди ким көбүрөөк иликтесе, ошол батир алат. Баарын шыктандыруу керек: сыйлыктар жана пенсиялар менен. Ар ким өз чөнтөгүн ойлойт” — деп эсептейт ал.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

**2.3 Айсалкын Качкынбекова: “Азыр аялдарды өлтүрүү жөнүндө жаңылыктар коомду дүрбөлөңгө салууда, мурда анча көңүл бурулчу эмес”**



***Азыр аялдарды өлтүрүү жөнүндө жаңылыктар коомду дүрбөлөңгө салат, мурда анча көңүл бурулчу эмес***

*Айсалкын Качкынбекова Super.kg сайтынын башкы редактору. Айсалкын 2016-жылдан бери журналистика менен алектенет — узак убакыт бою криминалдык хрониканы, анын ичинде гендердик зомбулукту чагылдыруу менен алектенген.*

*Анын айтымында, ал көптөн бери чагылдырган криминалдык окуяларда көбүнчө агрессорлордун колунан жапа чеккендер аялдар болгон. “Биз аялдардын кантип өлтүрүлгөнүн, сабалганын изилдеп, жазганбыз. Айрым учурлар болгон, бирок жабыркагандардын көпчүлүгү аялдар болгон. Ал кезде да көптөгөн аялдар өлтүрүлгөн, бирок ал азыркыдай сенсацияга айланган эмес. 2016-жылы мындай реакция, азыркыдай бум болгон эмес.*

*Кылмыштарды негизинен эркектер жасаган: ажырашкан күйөөлөр, өч алган кошуналар, өгөй аталар [кыздарды] кантип зордуктаганын жазышчу” — деп айтып берди Айсалкын.*

*Башкы редактор буга чейин мындай темаларды чагылдырууда эки тарапты тең эч кандай стандарттар жөнүндө ойлонбостон чагылдырып турушканын баса белгиледи. Азыр ал гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары тууралуу маалыматты тренингдерден алат. Тренингдерден өткөндөн кийин ал кээде журналисттер мындай сезимтал темаларды чагылдырууда ката кетиришкенин түшүнө баштады, алар азыр жол бербөөгө аракет кылышат.*

*“Мен көп ката кетирдим. Редакторлор оңдошчу, бирок мен туура эмес жазган нерселер көп. Көрсө, мен адамдын жынысын, жашын баса белгилеп жазчу экенмин. Окуу учурунда мен мындай кылуу туура эмес экенин түшүндүм.*

*Казакстандык ырчы айым турмушка чыкканы тууралуу жазганыбыз эсимде, ал күйөөсүнөн бир канча жаш улуу экенин белгилегенбиз. Гендердик сезимталдык боюнча тренингде мен муну өткөрүп жибергенимди, анын жашын белгилөөнүн кереги жок экенин түшүндүм.*

*Азыр мен жеке баалуулукка, ар бир адамдын укуктарына көңүл буруп жатам. Мен окудум, мындай ката кетирбөөгө аракет кылып жатам. Мен материалдарды оңдогондо мындай жерлерди дароо оңдоп, кандайдыр бир нерсеге басым жасоого болбойт деп түшүндүрөм. Кээде журналисттер гендердик теңчиликти начар түшүнүп, бул тууралуу материалдарды жазып, баарын бурмалап коюшат” — деди Качкынбекова.*

*Айсалкын азыр анын редакциясында гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарын колдонуу боюнча абал кыйла жакшырды деп эсептейт.*

*“Биз стандарттарды билебиз, аларды кармана баштадык, качан сезимтал болушубуз керектигин билебиз. Толугу менен эмес, бирок айрым нерселерди билебиз.*

*Албетте, орус тилдүү ММК сыяктуу жакшы эмес. Алар атайын материалдарды жазып, жумасына бир жолу мындай темаларды көтөрүшөт. Биз күнүмдүк жаңылыктарыбызда биз билген гендердик сезимтал журналистиканын принциптерин кармානууга аракет кылабыз” — деп түшүндүрдү Super.kgнин башкы редактору.*

*Качкынбекованын айтымында, редакцияда журналисттер чагылдырбоого аракет кылган темалар бар, мисалы, дин.*

*“Мен дайымы диний темаларды көтөрбөгүлө деп айтам, бул абдан татаал тема. Дин темасы коркунучтуу эмес, ал абдан талаштуу. Эгер бул теманы бир аз тийип өтсөң, комментарийлерде дароо журналисттерди уруша башташат. Ошондуктан мен дин ар бир адамдын иши деп айтам, буга кийлигишпегенибиз оң. Биз дин боюнча адис эмеспиз, билим алган эмеспиз”, — дейт Качкынбекова.*

*Ал ошондой эле анын редакциясынын журналисттери окурмандардын реакциясынан улам ЛГБТК адамдар жөнүндө материалдарды түзбөй турганын баса белгиледи.*

*“Эгер биз бул жөнүндө жазсак, окурмандарыбыз аны абдан терс кабыл алышат. Себеби, биринчиден, биз буга чейин мындай темаларга анча-мынча тийген эмеспиз, аларды киргизген жокпуз, экинчиден, биздин сайттын көпчүлүк окурмандары аймактарда жашашат. Айылдардагы жана аймактардагы окурмандарыбыз: “Алар эмне жөнүндө жазып жатышат? Алар бул жерде болбогон нерсени айтып жатышат? Алар да батышчыл болуп, начарлап кетишти” деп ойлошот жана козголоң чыгарышат. Бул күтүлгөн нерсе.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*Бизди шаарда да окушат, бирок бизде бардыгын туура түшүндүрүп бере турган журналист жок. Биз бул темаларга тийбейбиз. Мисалы, мен азыр бул жөнүндө жазуу жөнүндө бирөөгө тапшырма бере албайм. Эгер адам өзү түшүнбөсө, мен аны мажбурлай албайм. Жоопкерчилик жөнүндө ойлоном” — деди Айсалкын.*

*Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарын түшүнүүнү жакшыртуу үчүн бул курсту университеттерге киргизүү керек. Айсалкын дал ушундай деп эсептейт.*

*“Ар кандай жана так эмес маалымат алганча, бир жерде толук маалымат алган жакшы. Ал жерден чыккан журналист түшүнүп, жаза алышы үчүн аны окутуу керек.*

*Гендердик сезимталдык боюнча тренингдердин санын көбөйтүү керек. Мисалы, мен редакциядан бир аз окуп чыктым, а канча журналисттер билбейт. Окууларды уюштуруп, журналисттерди кезеги менен жиберсе жакшы болмок” — деди Качкынбекова.*

*Айсалкын аймактарды кыдырып, кызыктуу, күчтүү адамдар, өзгөчө аялдар тууралуу документалдуу фильмдерди тартууну кыялданат.*

*“Менин айылымда стандарттуу эмес ой жүгүрткөн мугалим эжелер бар. Ушундай кичинекей нерседен, чыныгы нерседен, жасалмасыз нерседен бир нерсе жараткың келет” – деди ал.*

## 2.4 Кайыргуль Рыскулова: “Журналисттер гендердик стереотиптерди күчөтүүнү жана виктимблеймингди жайылтууну улантууда”



***Журналисттер гендердик стереотиптерди күчөтүүнү жана виктимблеймингди жайылтууну улантууда***

*Кайыргүл Рыскулова Т-Медиа регионалдык телеканалынын Бишкектеги бюросунун журналисти болуп иштейт жана аны менен катар университетте окуйт.*

*Кайыргүл журналистика менен салыштырмалуу жакында эле алектенип баштаган — ал бул кесипке депутат болуу үчүн келген. Бирок азыр ал репортерлук иш көбүрөөк жагарын түшүндү.*

*2022-жылы Кайыргүл тренингге катышып, журналистикада гендердик сезимтал мамиле тууралуу маалымат алган. Ошондон кийин ал зыяндуу гендердик стереотиптер бардык жерде адамдарды курчап турганын түшүндү.*



“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*“Биздин айылдарда жашоо жалаң гана стереотиптерге негизделген. Мектепте коомдук иштерди аткарып жүргөндө апаларыбыз: “Эмнеге жөн эле үйдө отурбайсың? деп урушчу. Ушундан башталат, кыздарга көбүрөөк чектөө коюлат, аларга көп нерсеге жол берилбейт” — деп түшүндүрөт журналист айым.*

*Ошол эле тренингде ал гендердик стереотиптерди Кыргызстандын журналисттери дайыма трансляциялап же бекемдеп жатканын белгиледи.*

*“Аял 60 жашында турмушка чыккан учур болгон. Ошол кезде бул окуяны чоң жаңылык кылышты: “Ал 60 жашында турмушка чыкты”. Журналисттер буга аял 60 жашында турмушка чыга албагандай көңүл бурушкан. Мындай нерселерге басым жасаганда, биз коомдогу стереотиптерди бекемдейбиз.*

*Стереотиптер теңсиздикке алып келет. Мисалы, аялдарга зордук-зомбулук кылуу, адам деп эсептебөө. Бул стереотиптер аялдарда калыптанып, “Мен эмне кыла алам? Ал эркек да. Баары ал айткандай болот” деп ойлошкону жаман.*

*Стереотиптер эркектер жөнүндө трансляцияланат. Мисалы, биз стереотиптерди жоюп жатабыз деген ой менен “Эркек киши кээ бир аялдарга караганда төшөктөрдү жакшы тигет” деген аталыштагы текстти жарыялайбыз. Чындыгында, биз аларды бекемдеп жатабыз” — деп түшүндүрөт журналист айым.*

*Кайыргүлдүн айтымында, көбүнчө гендердик зомбулукка байланыштуу темаларда журналисттер жабырлануучуну айыптап көрсөтүшөт, ал бул зомбулукту нормалдаштырат.*

*“Кээде зордукталган кыздар башка кыздар жабыркабашы үчүн эл алдында окуяларды бөлүшүшөт. Ошондо суроолорду берген алып баруучу бул кызга адам эмес дегендей мамиле кылып, өйдөсүнөт.*



SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY
**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*Комментарийлерде сөзсүз түрдө кыздын өзүн күнөөлөй баштайшат. Алып баруучунун суроолору да жабырлануучуну айыптоого алып келиши мүмкүн. Журналисттин маалыматты берүүсүнөн коом жаңылыкты кандай кабыл алаары көз каранды”, — дейт Кайыргүл.*

*Анын айтымында, журналисттерде айрым темаларга тыюу салуулар бар — алар сексизм жөнүндө аз жазышат, диний темаларды чагылдырууда өтө этият болушат.*

*“Мисалы, студент кыздар медреседе кандай кыйынчылыктарга туш болушат, аларга кандай мамиле жасалат. Анткени, [коомчулуктун] ичинде бул тууралуу маалымат бар. Бирок аны сыртка чыгаруудан, бул жөнүндө жазуудан коркушат. Эмнеге экенин билбейм. Кээде операторлор кандайдыр бир кадрларды тартуудан баш тартышат. Биз мындай нерсеге дуушар болдук” — деп түшүндүрдү Кайыргүл.*

*Дагы бир көйгөй — редакторлор менен журналисттердин ортосундагы муундагы ажырым. Журналист айымдын пикири боюнча, бул көйгөйдү чечүү үчүн гендердик сезимтал журналистиканы кабарчыларга гана эмес, редакторлорго жана басылмалардын жетекчилигине да үйрөтүү керек.*

*“Тренингден кийин кандайдыр бир түшүнбөстүктөр болду. Анан биз ушундай курстарга барганыбызды жана башкача жазуу керектигин редакторлорго акырын түшүндүрдүк. [...] Балким, биргелешкен тренингдерди өткөрүү керек. Бирок журналисттер башка журналисттердин мындай кеңештерин кандай кабыл аларын билбейм. Айрыкча улуу муун. Сен аларды оңдогонуң же каталарын көрсөткөнүң аларга жакпайт. Алар өздөрүнүкүн туура деп эсептешет, “Сен кимсиң?” — деп Кайыргүл өзүнүн ойлору менен бөлүштү.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*Журналист айым гендердик сезимтал журналистика боюнча тренингден кийин редакциялар чыгарган контентке мониторинг жүргүзүү керек деп эсептейт.*

*“Окуу учурунда баары: “Ооба, ушундай кылыш керек” дешет, анан кайра редакцияга келип, баарын мурдагыдай жасай беришет. Балким, ушундай нерселерди көзөмөлдөсө, натыйжасы жакшы болмок. Мониторинг жүргүзүү, материалдардын жазылышын караган кадимки көрүнүш. Мисалы, окутуудан өткөрүү жана жарым жылдан кийин бул убакыттын ичинде жасалган материалдарга мониторинг жүргүзүү” деп түшүндүрдү журналист айым.*

*Ошондой эле, анын пикири боюнча мындай программаларды университеттердеги окутуу модулдарына киргизүү зарыл: “ЖОЖдорго келип, маалымат бериш керек, анткени университеттердеги окутуучулар стереотиптерге белчесинен баткан”.*

## 2.1 Элира Турдубаева: "Кыргызстандын журналисттери гендердик жактан дээрлик сезимтал болуп калышты, бирок баалуулуктардын өзгөрүүсү жөнүндө көбүрөөк контент түзүү керек"



***Кыргызстандын журналисттери гендердик жактан дээрлик сезимтал болуп калышты, бирок баалуулуктардын өзгөрүүсү жөнүндө көбүрөөк контент түзүү керек***

*"Ала-Тоо" эл аралык университетинин журналистика кафедрасынын башчысы жана изилдөөчү Элира Турдубаева медиа үчүн гендердик сезимтал журналистика боюнча беш жылдан ашуун убактан бери тренингдерди өткөрүп келет.*

*Изилдөөчү айым ММКда гендердик маселелерди чагылдыруу боюнча абал кыйла жакшырды деп эсептейт — айрым ММКлар феминитивдерди*

*колдоно башташты жана стереотиптерди бекемдөөнү токтотушту, патриархалдык баалуулуктар менен күрөшө башташты.*

*“Теманы жана аталышын, лиданы тандоодо, сүрөттөрдү, видеолорду колдонууда гендердик сезимталдык сезилет. Бирок, кээ бир ММКлар дагы да гендердик сезимтал эмес. Ошол эле КТРК, ЭлТР жана аймактык каналдар, мисалы, “Регион ТВ”, “7 канал” жана башкалар. Балким, алар гендер боюнча тренингдерге барбагандыктан. Басылмалар, маалымат агенттиктери жакшырды. Ошол эле Super.kgнин журналисттери окуганга даяр, Limon.kgде ойлоно башташты” — деп түшүндүрдү изилдөөчү айым.*

*Медиа үй-бүлөлүк зомбулук, сексуалдык асылуу, зордуктоо, аялдардын укуктарын бузуу сыяктуу темаларды чагылдырууга өзгөчө көңүл бурганына карабастан, Турдубаеванын пикири боюнча бул чөйрөдөгү абал жалпысынан оң жагына өзгөргөн жок. Турдубаеванын көз карашы боюнча бул адамдардын баалуулуктарын жана жүрүм-турумун өзгөртүүгө багытталган агартуучу контент аз чыккандыктан болуп жатат.*

*“Маалымдоо гана эмес, ошондой эле адамдардын жүрүм-турумун өзгөртүү керек. Бул багытта иштер аз. Медиа бир нерсе болгонун гана чагылдырат. Медиа эркектер менен аялдардын, коомдун бардык мүчөлөрүнүн жүрүм-турумун өзгөртүүгө таасир этет. Тилекке каршы, зордук-зомбулукту алдын алуу же зордук-зомбулук жасалган болсо, эмне кылуу керектиги жөнүндө видеолор абдан аз” — деп эсептейт ал.*

*Ал инстаграмм жана Тикток үчүн кыргыз тилинде, мисалы, эгер аял үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган болсо милицияга арыз жазып, коргоо ордерин алуу керектиги тууралуу кадамдык нускамалары менен көбүрөөк видеороликтерди түзүүнү сунуштайт. Ошондой эле, анын пикири боюнча аялдардын финансылык жана юридикалык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн ар кандай интерактивдүү контент түзүү керек.*

*“Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук болгон учурда коргоо ордери бар экенин түшүндүрүү керек, ал агрессорду токтотпосо да, мүлктү бөлүштүрүүдөн жана алименттен коркпостон ажырашууга, кетүүгө болот, өзүн-өзү өнүктүрүү менен алектенип, акча табуу мүмкүн, стереотиптерден, стигматизациядан коркпоо зарыл. Журналисттер эмне кылуу керектиги тууралуу нускамасы менен видеороликтерди тартып жатканда арыздын формасына жана шаблонуна чейин видеого тиркелиши керек, анткени кээ бир аялдар эч нерсени билишпейт, ошондуктан аларга баарын даяр форматта берүү керек” — деп түшүндүрөт Турдубаева.*

*Ошондой эле Турдубаева журналисттерге аялдардын позитивдүү образдары — тигил же бул бийиктикке жеткен ийгиликтүү, күчтүү, көз карандысыз аялдарды көрсөтүү менен көп окуяларды жаратууну сунуштайт.*

*“Аял эркек сыяктуу эле бардык нерсени жасай алаарын көрсөтүү: космоско учуу, өз компаниясын ачуу, бизнеске ээ болуу, каржылык жактан көз карандысыз болуу. Ар кандай тармактарда көрсөтсө болот: IT, инженерия, так илимдерде. Илимдеги аял жашоону өзгөртөт. Бизге ролдук моделдер керек. Өз коомчулугун оң жакка өзгөртүп, өлкөнү эркектер менен бирдей өнүктүрүп жаткан ролдук моделдерге басым жасоо зарыл.*

*Саясатта, экономикада дайыма гендердик тең салмактуулукту көрсөтүү керек. Эркектер бар жерде: “Аялдар кайда?” деп сураш керек. Конференцияларда, форумдарда спикерлер кайда экенин сураш керек. Гендердик тең салмактуулукту дайымы көзөмөлдөп туруу керек” — деди ал.*

*Изилдөөчү айым журналисттерге кесип тандоодо кыздардын эркиндиги болушу керектиги жөнүндө көбүрөөк айтууну сунуштайт.*

*“Аялдар менен кыздар жөнүндө стереотиптерди өзгөртүү керек. Кесип тандоодо дарыгер, медициналык адис, мугалим же тигүүчү сыяктуу варианттарды гана эмес, алтын казып алуу тармагында, заводдордо*

*иштөөгө болот. Бизде ата-эне кыздарына кесип тандоодо: “Ой, сен кызсың, мугалим же медайым болуу сага ылайыктуу” дешет.*

*Аял бардык тармактарда иштей алаарын, өз тандоосунда эркин экендигин жана каалаган өнөктөшүн тандап, өзү тандаган адам менен жашай алаарын чагылдыруу керек. Келиндин, аялдын, эненин салттуу ролунда гана аял бактылуу боло алат деп чагылдырууну токтотуу керек. Бул логика боюнча аялды бактылуу кылган төрт нерсе бар: балдар, күйөө, кайын журт жана келиндин ролу. Эгерде бул төрт нерсе жок болсо, анда аял бактысыз” — деди Турдубаева.*

*Турдубаева ошондой эле мигрант аялдарга карата стереотиптер менен күрөшүүгө көңүл бурууну сунуштайт.*

*“Мигрант аялдарды кабылдоону өзгөртүү керек. Эгер аял Анталияга туризм тармагына же Дубайга иштөө үчүн кеткен болсо, анда ал жеңил ойлуу кыз деген стереотип дароо пайда болот. Же ал ажырашкан болсо, аны жеңил ойлуу деп ойлошот. Адамдарда мындай кабылдоону, айрыкча эркектерде өзгөртүү керек. Аял өнөктөшүн, эркиндигин же иштеген жерин тандай алат деп дайыма трансляциялоо керек.*

*Россияга, Түркияга баруу менен аялдар каржылык жактан көз карандысыз болушат. Аялдар үй-бүлөлүк зомбулукка чыдабай, ажырашып, балдарын ата-энесине таштап, иштегенге кетип жатышат. Бул кырдаалдан чыгуунун жолу бар экендиги абдан жакшы. Алар бул зордук-зомбулукка жол бербөө үчүн ошол эле Россияга кете алышат” — деп түшүндүрдү изилдөөчү айым.*

*Жалпысынан журналисттердин гендердик оптикасын күчөтүү үчүн Турдубаева “Гендер жана медиа” сыяктуу курстардын санын көбөйтүүнү, көбүрөөк стажировкаларды түзүүнү, журналисттерге конкурстар аркылуу ушундай контентти түзүүгө түрткү берүүнү сунуштайт. Мындан*

*тышкары, ал ЖОЖдордун бардык курстарына гендердик сезимталдык боюнча компонентти интеграциялоо керек деп эсептейт.*

*“Эгерде студенттерде “Оператордук искусство” курсу болсо, анда оператордук искусство аркылуу аялдарды кинодо кантип көрсөтүүнү айтуу керек. Бул журналистика факультетинде гана эмес, бардык ЖОЖдордо, бардык факультеттерде болушу керек. Айрыкча юристтерде, экономисттерде гендердик мамиле болушу керек. Юристтер — бул келечектеги мыйзам чыгаруучулар” — деп жыйынтыктады Турдубаева.*

## 2. ФОКУС-ТОПТОРДОГУ ТАЛКУУЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Бул отчет фокус-топтордогу талкуунун натыйжалары боюнча түзүлдү жана фокус-топтордун катышуучуларынын пикирлерин чагылдырат. Изилдөөнүн натыйжалары репрезентативдүү болуп саналбайт.

### 2.1 ММКнын кызматкерлери

***Гендердик сезимтал журналистиканын (ГСЖ) стандарттарын кабыл алуу жана аларды иш жүзүндө колдонуу***

Изилдөөнүн бардык катышуучулары - ММКнын өкүлдөрү Кыргызстанда ар кандай белгилер боюнча басмырлоонун бар экендигин моюнга алышты. Мындай көрүнүштөргө төмөнкү топтордун өкүлдөрү туш болушат:

- Аялдар;
- Майыптыгы бар адамдар;
- ЛГБТ;
- Кургак учук, ВИЧ менен ооруган адамдар;
- Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар;
- Улуттук азчылыктардын өкүлдөрү;
- Ар кандай курактык топтордун өкүлдөрү ( улгайган адамдар, балдар, жаштар);
- Аз камсыз болгон адамдар;
- Миграцияда жүргөн адамдар.

Адамдын эң маанилүү укуктарынын бири болгон гендердик теңчилик коомдо тынчтыкты жана ынтымакты камсыз кылууда жана туруктуу өнүгүүнүн[1] негизинде адамдык потенциалды толук кандуу ишке ашырууда негизги ролду ойнойт. Кыргызстанда гендердик теңчилик мыйзамдык деңгээлде бекитилген. Бирок, гендердик топ катары аялдар бардык деңгээлде: үй-бүлөдө, турмуш-тиричилик чөйрөсүндө, иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө, коомдук-саясий ишмердикте ж.б. басмырлоонун көрүнүштөрүнө дуушар болушат. Кыргыз

[1] https://www.un.org/ru/global-issues/gender-equality



SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY
**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

Республикасынын калкынын 50% аялдар түзөт[2]. Бирок, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү 17%, ал эми мамлекеттик кызматкерлердин арасында 39% түздү[3].

*1-диаграмма. Кыргыз Республикасынын калкын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, мамлекеттик кызматчыларды жынысы боюнча бөлүштүрүү.*




2021-жылы аялдардын эмгек акысынын эркектерге карата катышы 75% түздү[4].

2020-жылдын 1-январына карата Кыргызстан өкмөттөгү аял министрлердин саны боюнча дүйнөлүк рейтингде 152-орунду, депутаттардын саны боюнча 114-орунду ээледи [5].

> *"Парламенттин мурдагы спикерлеринин сүрөтү бар болчу, анда жалаң гана эркектер. Кечээ акимдердин жана губернаторлордун сүрөтү болгон, анда дагы жалаң эркектер. Биз министрлер кабинетинин азыркы курамы кандай экенин билебиз – жалаң эркектер. Элдин баары аялдар бардык маселелерди тартат, аялдар баарын кылат деп айтышат, бирок, эмнегедир, мамлекетти эркектер гана башкарат. Биз, албетте, аялдар социалдык тармакты жана Саламаттык сактоо министрлигин жетектеши керек деп көнүп калганбыз. Бизде азыр социалдык маселелер бонча вице-премьер-министр да аял эмес. Менин оюмча, аял мыкты ички иштер министри жана билим берүү министри боло алат. Ички иштер министрлигинде аялдын пайдасы көбүрөөк болмок деп ойлойм. Анткени биз бул ведомствого карата айтылган сын-пикирлердин баары гендердик маселелерге*

[2] http://www.stat.kg/ru/gendernaya-statistika/naselenie/

[3] http://www.stat.kg/ru/gendernaya-statistika/organy-gosudarstvennoj-vlasti-i-upravleniya/

[4] http://www.stat.kg/ru/gendernaya-statistika/zanyatost-i-bezrabotica/zarabotnaya-plata/

[5] https://www.unescap.org/sites/default/files/ESCAP_B25_Central_Asia_Report_20200911_RUS.pdf, стр. 45



"Социалдык технологиялар агенттиги" Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков кѳч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*байланыштуу экенин көрүп жатабыз. Аялдардын коопсуздугу азыр министрликтин гана эмес, бүтүндөй мамлекеттин күн тартибинде жок. Менин оюмча, биздин президенттин да айланасында аялдар жок экендиги чоң кемчилик. Биз Парламенттеги кырдаалды көрүп жатабыз, аялдардын катышуусу да жылдар өткөн сайын, айрыкча 2010-жылдан бери (эрте мезгилди албайбыз) азайып бара жатат жана алардын кээ бир сапаттары башка маселе, ал тургай саны да, ал өзү эле айтып жатат. Саясатта, жогору жакта болуп жаткан окуялар коомдун чагылышы. Аялдар барган сайын экинчи планга жылдырылып, алардын пикири эске алынбай калды. Алар ансыз деле абдан көп укуктарга ээ деп эсептешет”.*

Фокус-топтун катышуучусу

Коомдо бала кезинен таңууланып, теңсиздикти бекемдеген гендердик стереотиптер кеңири жайылган:

- үй иштерин жүргүзүү жана балдарды тарбиялоо – аялдардын милдети;
- эгерде аял кесиптик ийгиликке жетсе, анда ал жаман аял, кожойке, эне;
- кесиптик ишке ашыруу – эркек үчүн милдет жана зарылчылык;
- эгерде аял зомбулукка кабылган болсо – ал өзү күнөөлүү;
- эгерде аял зордук-зомбулукка кабылган болсо, анда ал жардам сурап кайрылып, “урушту үйдөн чыгарбашы керек”;
- эгерде аял белгилүү бир жашка чейин төрөбөсө, анда ал аял катары ишке ашкан жок ж.б.

*“Балким салт боюнча бизде аял эркекке карата көбүрөөк баш ийген абалды ээлейт. Мен аял катары билем, аялга экинчи роль берилет”.*

Фокус-топтун катышуучусу

*“Гендердик теңсиздик маселеси биз төрөлгөндөн бери бар деп эсептейм. Мындай нерселер мектеп жашынан баштап эле болот. “Сен кызсың, үйдө отурушуң керек” жана “жеке иштериң болбошу керек, күйөөңө тамак жасап, кам көрүшүң керек” деп өспүрүм кезинде эле айтышат”.*

Фокус-топтун катышуучусу

Фокус-топтун катышуучулары аялдар бул стереотиптерге ылайык келүүгө аракет кылышарын жана көбүнчө өздөрүн чектеп, өз пикирин билдиргиси келбегенин, өз компетенттүүлүгүнөн күмөн санашарын белгилешти.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3,  206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71,  Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*“Мен кайсы бир тармакта эксперт болгон аялдарды билем. Бирок, сен аларга чаласың, биз чакыргыбыз келди дейсиң … Ал айтат, мен сага өз оюмду айта алам, бирок ток-шоуда чыгып сүйлөбөйм, мен эл алдында ачык айтпайм. Башкача айтканда, аялдар фитбэкке даяр эмес, анткени алар комментарийлерде: “ашканага бар”, “сен кимсиң”, “балдарды тарбияла” деп комментарийлерде жазылат деп билишет. Негизи, бизге ушундай комментарийлерди жазышат. Бирок бизде айтылгандай, “бетти табак” кылып биз муну кадимкидей кабыл алабыз. Буну баары эле кабыл ала албайт”.*

Фокус-топтун катышуучусу

ФТнын катышуучулары көбүнчө ММКлар гендердик стереотиптерди жайылта тургандыгын белгилешти.

*“Биздин Турмуш деген сайтыбыз бар, ал жерде “жеңеке” рубрикасы бар. Ал жерде аял очоктун сакчысы деген баалуулуктар бар, ал жерде аял ушунчалык жоош, үй тиричилигинин бардыгын өз мойнуна алып алганы көрсөтүлөт. Анда жеңеке келди, анан үйду сааганы кетти, анан мектепке саат алып барды, баары анын колунда. Бирок элге жагат, эл окуйт”*

Фокус-топтун катышуучусу

Кыргызстан үчүн гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук маселеси актуалдуу.

*“Көйгөйдүн тамыры эркек бардык чечимдерди өзү кабыл алууну, анын ичинде каржы маселелерин өзү чечүүнү каалаганында. Мында аялдардын укуктары эске алынбайт. Ошондой эле ажырашуу учурунда, айрыкча расмий эмес нике болсо, чоң көйгөй, анда мүлктү бөлүштүрүү аялдардын пайдасына болбойт. Зордук-зомбулук, куугунтуктоо фактылары көп, ошондуктан харассментке каршы чараларды көрүү зарыл. Бул суроого чекит коюу керек. Анткени бул коомго болгон ишенимди кетирип, аялдардын укугун бузат”*

Фокус-топтун катышуучусу

Теңдик, анын ичинде гендердик теңдик маселесин чечүү үчүн комплекстүү мамиле керек. Мамлекет жарандык коом жана илимий коомчулук менен биргеликте стратегиялык документтерди иштеп чыгышы керек, теңсиздик көрүнүштөрүн аныктоо боюнча иштерди жүргүзүп, теңсиздик көйгөйлөрүн чечүү үчүн кадамдык пландарды иштеп чыгуусу зарыл, узак мөөнөттүү негизде бардык иш-чараларды каржылоо булактарын табуусу керек. Кыргызстандын ММКлары бул иште негизги ролдордун бирин ойнойт. Мында ММКнын негизги милдети, ФТнын катышуучуларынын биринин пикири боюнча, билим берүү-агартуу иш-чараларын уюштуруу, гендердик теңчиликтин, мыйзам алдындагы теңчиликтин, толеранттуулуктун стандарттарын киргизүү. ММКлар теңсиздикти жоюуга көмөктөшкөн

долбоорлорду колдоп, аярлуу топтордун өкүлдөрүнө аянтча түзүп, алардын “үнү” болушу керек. Мындан тышкары, журналисттердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу керек.

> *“Көбүрөөк жазуу керек, критикалык материалдар көбүрөөк болушу керек жана аны акылдуу, кызыктуу, жаңы көз караш менен берүү керек. Муну ким кыла алат? Ал үчүн философиялык билимге ээ болуш керек, жалпы кругозор жогору болушу керек. Журналистикага кимдер келет? Экономикалык факультетке өтпөгөн адамдар келет”*
>
> Фокус-топтун катышуучусу

ФТнын катышуучуларынын көбү акыркы 3 жылда ММКлар гендердик темага көбүрөөк көңүл бура баштаганын белгилешет. Алар мунун 3 себебин айтышты:

- Гендердик теңсиздик көйгөйлөрүнүн курчушу, зомбулуктун (гендердик, үй-бүлөлүк) деңгээлинин өсүшү.
- ММКнын практикасына ГСЖ стандарттарын, окутуу программаларын киргизүү.

> *“Акыркы үч жылдын ичинде көптөгөн долбоорлор жана окутуу тренингдери болду, ГСЖ боюнча, жада калса ЖОЖдордо журналистика факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн мастер-класстар жана тренингдер өткөрүлгөн долбоорлор да болду”*
>
> Фокус-топтун катышуучусу

> *“Азаттык, Клооп, Политклиника сыяктуу бир катар редакцияларды билем, алар гендердик стандарттарга жооп берип, бул темада көптөгөн материалдарды жасап жатышат. Мен муну позитивдүү өзгөрүүлөр деп эсептейм”*
>
> Фокус-топтун катышуучусу

- Коомдун гендердик теңсиздик маселелерине болгон кызыгуусу жогорулады. Бирок, ФТнын катышуучуларынын баалоосу боюнча гендердик теңчиликке тиешелүү маселелер боюнча калктын маалымдуулугу төмөн бойдон калууда.

> *“Менин оюмча, адамдар гендердик сезимталдык деген эмне экендигин көбүрөөк түшүнө баштады, анткени аялдарга, балдарга карата зордук-зомбулуктун деңгээли жогорулады, бул жөнүндө көбүрөөк маалымат тарай баштады, мисалы Клооптун роликтери”*
>
> Фокус-топтун катышуучусу

> *“Акыркы учурда “аялдардын укугун эске алуу керек, зомбулукту токтотуу керек” деген сыяктуу темалар жакшы жүрүп жатат. Кыз өз ыктыяры менен*


“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*күйөөгө тийиши керек, аны уурдоого болбойт, мындай идеялар жакшы чагылдырылууда. Ошол эле учурда, мисалы, кандайдыр бир камоолор же митингдер болгондо, көпчүлүк аялдарды кемсинтүүгө аракет кылышат, сенин ордуң ашканада, үйдө саясатка аралашкандын же митингдерге катышкандын ордуна балдарды карап отурбайсыңбы дешет. Менимче, бул бийликтеги аргументтердин жоктугунан”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

ФТнын катышуучуларынын пикири боюнча Кыргызстандын ММКларында зомбулукка байланышкан гендердик темалар көп чагылдырылат. Мындан тышкары, миграция темасы, атап айтканда, туугандарынын камкордугунда калган эмгек мигранттарынын балдары сыяктуу актуалдуу тема болуп саналат. Кээ бир катышуучулар өз практикасында аялдардын ийгилиги, аялдардын ден соолугу тууралуу окуяларды чагылдырарын белгилешти.

Катышуучулардын бири гендердик тема, ошондой эле аялуу топторго тиешелүү көйгөйлөр ММКларда маалыматтык себеп пайда болгонуна жараша чагылдырылып жатканын белгиледи.

Изилдөөнүн катышуучулары Кыргызстандын ММКлары төмөнкү темаларды чагылдыруудан алыс экендигин белгилешти:

- Дин:
  - Дин жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясаттын жоктугу.

*“Кайсы агымды карманып жатканыбыздын так стандарттары жок. Дин иштери боюнча мамлекеттик комитет кандай саясатты жүргүзөрүн эч ким билбейт. Бирок кабыл алынган мыйзамдык стандарттар төмөнкүлөр болушу керек. Айрым эксперттер белгилүү бир агымды карманышат, башкалары башка агымды карманышат жана бул чыр-чатакка алып келет. Бул чыр-чатактарды болтурбоо үчүн тийиштүү билим деңгээлинин, мамлекет тарабынан так эрежелеинин жоктугунан, биз бул темадан качабыз”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

  - Тема боюнча квалификациялуу эксперттер жок.

*“Биз өзүбүз динчил эмеспиз, мындан тышкары муну түшүнбөйбүз, андыктан ага такыр киришпейбиз”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- ЛГБТ:
  - ЛГБТ өкүлдөрү стигматизациядан улам ачыктыкка даяр эмес.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

- Маселе кылдат жана талаштуу.

*"Теманы кабыл алууда абдан түшүнүксүз. Эч кимге, ЛГБТ коомчулугуна да, аларга каршы болгондорго да жакпайсың. Анткени сен бир нерсе жазасың жана адатта хейт тигил жактан да, башка жактан да келет. Алар айтышат: "эмнеге бизге кийлигишип атасыңар, бул силедин ишиңер, көйгөйүңөр эмес", башка тарап: "алар тууралуу эмнеге жазып атасыңар, пропаганда кылбагыла, силер өзүңөр ошондой окшойсуңар" деп айтат*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Компетенция жетишсиз.
- Сексуалдуулукка байланыштуу маселелерди талкуулоо адатка айланган эмес.
- Коомдун ЛГБТга карата терс мамилеси, ММКларды ЛГБТны пропагандалоого күнөөлөө.

*"Бул жерде гейлердин жаман экендиги жөнүндө көп жылдардан бери келе жаткан пропаганда да чоң роль ойнойт. Бул Батыштын кадырын кетирүү үчүн Россиянын пропагандасы. Дал ушул ЛГБТ темасын тандайсың, ал эркектер үчүн өтө сезимтал. Орус пропагандасы аны ушунчалык терметти, сен өзүң да кээде билбей туруп, бул теманы айтканыңда да "бир жериңди кысып" каласың"*

*Фокус-топтун катышуучусу*

*"Аудитория ар кандай сөздү пропаганда катары кабыл алат. Алардын көпчүлүгү кыргыздардын арасында андай адамдар жок экенине ишенишет"*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Улгайган адамдар: Кыргызстанда карыларга сый мамиле жасалат деген стереотип жана аларда көйгөй жок.
- Эл аралык мамилелер.

*"Аларды чагылдыруу журналист үчүн да, редакция үчүн да кесепеттерге алып келет"*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Эркектерге карата зомбулук: коомдун терс кабылдоосу.

ФТнын катышуучулары журналисттердин гендердик маселелерди чагылдырууда кетирген төмөнкү каталарын белгилешти:

- Гендердик стереотиптерди жайылтуу;

*"Көптөгөн кемчиликтерди келтиришет, айрым гендердик топтордун хейтинен баштап муну "аял да жасай алат...." же "атүгүл майып.... деле жасай алат деген аталыштары менен бүтөт". Эгер журналисттер мындай*

*стереотиптерди көпчүлүккө чыгарышса, анда албетте, алар массада өнүгөт”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

*“Бизде, журналисттерде да гендердик маселени чагылдырууда көйгөйлөр бар. Биз стереотиптик түрдө аял үй жумуштарын жасап жаткан сүрөттү колдонушубуз мүмкүн”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Victim-blaming жана гендердик зомбулук учурларын чагылдырууда кылмышкерлерди софт-актоо;

*“Мисалы, никеге туруу максатында кыздарды ала качуу маселеси. Буга кыздар, аялдар да күнөөлүү деп жазышат. Эгерде бул журналисттин позициясы болсо, анда анын материалдарында да ушундай позиция чагылдырылат жана бул коомго терс таасирин тийгизет, өзгөчө инфлюенсерлерге тиешелүү. Натыйжада, коомчулуктун пикири өзгөрөт. Кээде медиа же соцтармактарда тролдор же провокаторлор теманы гендердик теңсиздикке карай атайын алып кетишет, мисалы музейде аялдын жылаңач чыккан учуру, муну менен ал аялдардын укуктары темасын козгогусу келсе, коомдо муну адеп-ахлаксыздык деп атап, гендердик теңсиздик маселеси четке чыгат”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Зомбулукка кабылгандардын жеке маалыматтарын ачыкка чыгаруу;
- Эйджизм.

*“Мисалы, улгайган адамдар үйлөнду же улгайган аял төрөдү деп жазышат. Стереотиптерди таратып жатышат, бул уят, андай болбошу керек”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Журналисттердин гендердик маселелерди чагылдыруудагы катачылыктарынын негизги терс натыйжасы болуп коомдо стереотиптердин жайылышы жана тамырланышы саналат.

2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясында маданий жана билим берүү саясаты чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу милдеттер катары гендердик басмырлоо жана зомбулук категорияларын жана аларды болтурбоо жолдорун түшүндүрүү аркылуу гендердик басмырлоого каршы күрөшүү, ошондой эле медиа, жарнамалык жана маданий продуктыларга басмырлоого каршы экспертиза түзүү аныкталган. Медиа жана жарнамалык продуктулар үчүн басмырлоого каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүүнүн методологиясы жана механизми түзүлөт жана апробацияланат, андан кийин сот органдарында колдонуу үчүн сунушталат. Экспертиза жүргүзүлө турган критерийлер иштелип



“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

чыгат деп болжолдонууда. Ошентип, бул критерийлер стандарттар түрүндө бардык медиа практикасына киргизилиши мүмкүн.

ФТнын бардык катышуучулары Кыргызстандагы журналисттер бардык гендердик топтордун өкүлчүлүгүн камсыз кылуу жана ММКда гендердик басмырлоо учурларын жокко чыгаруу үчүн ГСЖ стандарттарына баш ийиши керек деп эсептешет. ФТнын катышуучулары өздөрү өкүл болгон уюмдарда ГСЖ стандарттарын колдонуунун төмөнкүдөй тажрыйбаларын белгилешти:

- ГСЖ стандарттары документ түрүндө бекитилди – 3 катышуучу:

  *“Редакциябызда этикалык кодекс бар, бул жок дегенде эки жылда бир жолу талданып, кайра каралып турган расмий документ. Ал аткаруу, окуу үчүн милдеттүү, гендердик сезимталдык боюнча темалар бар”*

  *Фокус-топтун катышуучусу*

  *“Биз “Жарык шооласы” демилгесинин алкагында билим алып, ал жакта 10го жакын массалык маалымат каражаттары гендердик кодекс боюнча милдеттенме алышты. Биз бир жыл окудук, бир айдын ичинде эки күндү тренингге арнадык. Бул кодексти журналисттер өздөрү иштеп чыгып, кол коюшту, бизде ал редакцияда илинип турат. Анда көптөгөн пункттар бар, мисалы, редакцияда гендердик тең салмактуулукту сактоо, жынысы боюнча бөлбөө, тең укуктуулук ж. б.”*

  *Фокус-топтун катышуучусу*

- ГСЖ стандарттары документтештирилген эмес, кызматкерлер оозеки эрежелерди жана макулдашууларды карманышат – ФТнын көпчүлүк катышуучулары:

  *“Редакциябызда бул стандарттар эч кандай документ менен жазылган эмес, бирок ар кандай контентти түзүүдө албетте биз гендердик стандарттарды кармануууга аракет кылабыз. Кеп биздин отчетторубузда ДМЧА же аялдар менен эркектердин бирдей санда болушуна жасалма түрдө аракет кылып жатканыбызда эмес. Жок, мунун баары мазмундун талаптары менен гана белгиленет, бирок гендердик сезимтал маселелерде, мисалы, зордук-зомбулук болгондо же кандайдыр бир стереотиптер болгондо, белгилүү бир өндүрүштө же жерлерде аялдар же эркектер иштебеши керек, биз табигый түрдө материалдарыбызды башка гендердик катмарлардын укуктарына жана эркиндиктерине доо кетирбөө үчүн жасалгалоого аракет кылабыз”*

  *Фокус-топтун катышуучусу*

- ГСЖ стандарттары колдонулбайт – 1 катышуучу:

*“Бизде стандарттар бекитилген эмес. Башка редакцияларда да жок деп ойлойм. Мага бул стандарттар жолтоо болот, чынын айтсам, бул милдеттенме да”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Бардык катышуучулар стандарттарды сактоо материалдардын сапаттуу болушун камсыз кылат, ошондуктан ММК аларды сакташы керек деген пикирде. Бирок, аларды документалдык жактан бекемдөө зарылдыгы тууралуу пикирлер экиге бөлүндү. Катышуучулардын көпчүлүгү ГСЖ стандарттарын бекитүү керек деп эсептешет. Ал үчүн алар жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу зарыл.

*«Мен бул стандарттарды кайсыл жерден издеримди билбеймин. Кароо зарылдыгы бар. Журналисттик, дүйнөлүк стандарттар боюнча иштеген ар бир редакция ГСЖ стандарттарын бекемдөөгө тийиш деп эсептейм”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

*“Мен ал стандарттарды кайдан издешимди билбейм. Бекемдөө зарылдыгы бар. Журналисттик, дүйнөлүк стандарттар боюнча иштеген ар бир редакция ГСЖ стандарттарын бекемдөөгө тийиш деп эсептейм”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Үч катышуучу төмөнкү себептерден улам ГСЖ стандарттарын бекемдөөнүн кереги жок экенин белгилешти:

- Мындай документтин болушу редакциянын саясатына таасир этпейт;
- Журналисттик ишти бюрократташтыруу.

*“Бизде көп нерсе бекемделбейт. Бизде бюрократиялык иш стили жок. Бизде көп нерселер чегине жеткен. Бул керек, ал эми бул кереги жок. Эч ким келип, жазылган нерсени окубайт. Мунун кереги жок. Бизде жаңылыктарды жазуу стандарттары бар, жаңылыктарды кантип түзүү керек, кандай суроолорго кандай жоопторду чагылдыруу керек, б.а. түзүмү ушундай, анан цитаталар, эмнеге көңүл буруу керек. Гендердик сезимтал стандарттар жок, биз мындай деңгээлде жазбайбыз. Биз конкреттүү жаңылыктар боюнча пикир алмашсак болот, бирок мунун баары кагазда чагылдырылбастан, иш режиминде гана”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Стандарттардын документтик бекемделишинин жоктугу жалпыга ММКда басылмалардын ГСЖ стандарттарына ылайык келүүсүнө мониторинг жүргүзбөй жаткандыгынын негизги себеби болуп саналат. Бирок мындай мониторинг стандарттар бекитилген ММКда



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

жүргүзүлбөйт. ФТнын катышуучулары белгилегендей, мониторинг жүргүзүү үчүн методологияны, анын ичинде баалоо индикаторлорун иштеп чыгуу зарыл.

ММКдагы аялуу топтордун өкүлчүлүгүнө байланыштуу изилдөөнүн катышуучулары алардын уюмдарында тигил же бул топко киргендигине байланыштуу басмырлоо учурлары болбогонун белгилешти. Эгерде кайсы бир топ көрсөтүлбөсө, анда бул эмгек рыногунда зарыл компетенциясы бар адистердин жоктугу менен шартталат.

ММКнын гендердик курамына токтолсок, катышуучулардын көпчүлүгү редакцияларда негизинен аялдар иштейт, анткени эркектер медиасферада төлөнүүчү эмгек акыга канааттанбайт деп белгилешти. Ошол эле учурда эркектер негизинен техникалык адистер (операторлор, монтаждоочулар), ал эми чыгармачыл аялдар (журналисттер, редакторлор). ЛГБТ коомчулугунун өкүлү эки гана редакцияда иштеген. Бир нече редакцияда улгайган адамдар, жаштар, башка диндеги адамдар бар. Эки редакцияда майыптыгы бар адамдардын өкүлдөрү бар. Ошол эле учурда, бир нече редакция майыптыгы бар адамдарды жумушка алууну каалай тургандыгын, бирок таба албай жатышканын белгилешти.

> *"Биздин редакцияда гезитте иштеген бир гана улгайган адам бар. Жаштардын баары сайтта иштешет. Техникалык жактан алганда, эркектердин баары айти сыяктуу адистер, операторлор, ал эми жазгандар журналисттер негизинен кыздар"*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

> *"Биздин редакцияда бир улгайган аял иштейт, ал 64 жашта, 3 эркек жана калгандары аялдар. ДМЧА жок, алар бизге уюмдун тарыхында кайрылышкан эмес".*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

## *ГСЖ стандарттары жөнүндө маалымдуулук*

ФТнын катышуучулары ГСЖ стандарттары жөнүндө маалыматтын төмөнкү булактарын белгилешти:

- Тренингдер, анын ичинде БУУӨПтүн долбоорлорунун алкагында;
- ЕБ/Социалдык технологиялар агенттигинин "ДаткАйым" долбоорунун алкагында тренингдер
- Гендердик эксперттер;
- ЕБдин жана БУУнун "Жарык шооласы" демилгеси;
- Journalist.kg сайты, соц. тармактар;



"Социалдык технологиялар агенттиги" Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

- Г. Ибраева жана Г. Төралиеванын “Медиа сабаттуулук аркылуу окуяларды гендердик сезимтал чагылдыруу жана экстремизмди пропагандалоого каршы аракеттенүү боюнча колдонмо” [6].

Алты катышуучу ГСЖ стандарттары боюнча бир дагы булакты аташкан жок. Бардык катышуучулар ГСЖ стандарттары жөнүндө ачык маалымат булактары аз экендигин белгилешти.

> *“Ачык булактар көп деп айта албайм, көпчүлүк булактар жабык. Акыркы жылдары мүмкүн маалымат чыккандыр, бирок аны табуу оңой деп айтууга болбойт”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

ФТнын 3 гана катышуучусу Кыргызстанда ГСЖ стандарттары тууралуу маалымат жетишсиз экенин белгилешти. Катышуучулардын көпчүлүгү мындай маалымат жетишсиз деп эсептешет, айрыкча кыргыз тилинде. Көбүнчө маалымат кабылдоо жана түшүнүү үчүн татаал.

> *“Ооба, түшүнүктүү, жеткиликтүү тилде, кыргыз тилинде маалыматтын жетишсиздиги бар. Бул маалыматты гендердик стандарттарды эске албастан, үй-бүлөлүк жашоо, жубайлардын өз ара мамилелери жөнүндө стереотиптүү роликтерди көп жайылткан журналисттер, блогерлер арасында жайылтуу керек. Бул нормага айланууда. Аларга жөнөкөй, жеткиликтүү тилде бул норма эмес экенин жеткирүү керек”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Көпчүлүк респонденттер ГСЖ стандарттары жөнүндө маалыматты кайдан издөө керектигин билишпейт. Алар маалыматты интернет-мейкиндиктеги издөөчүлөрдөн, кесиптештеринин интернет-басылмаларынан, социалдык тармактардан, гендердик теңчилик боюнча айрым машыктыруучулардан издөө керек деп болжошот.

> *“Конкреттүү булактарды атай албайм. Башка журналисттер сыяктуу эле маалыматты социалдык тармактардан, сайттардан, гуглдан же редакцияга кайрылуулардан издейм”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Айрым катышуучулар тренингдер формалдуу түрдө өткөрүлүп жатканын, маалымат берүүнүн заманбап технологиялары колдонулбай жатканын белгилешти. Ошондуктан журналисттердин катышууга мотивациясы жок.

> *“Окутуу боюнча: эмне үчүн баары эски формаларды колдонорун түшүнбөйм. Биз редакцияларда отуруп, “эмне үчүн баары бир эле нерсени өткөрүшөт. Мен бул*

[6] https://kyrgyzstan.un.org/sites/default/files/2020-08/%D0%A3%D1%87%D0%B5%D0%B1%D0%BD%D0%B8%D0%BA_0.pdf



SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY STA ACT АГЕНТСТВО СОЦИАЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ
**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*жерде адамдар тренингде отуруп, “ушунчалык жардам бергиң келет” деп ойлошот деп эч качан ойлогон эмесмин. Мага жөн гана акча табылды, ишке ашырыш керек, отчет тапшырыш керек дегендей сезилет”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

ФТнын эки катышуучусу маалымат берүүнүн жана окутуунун натыйжалуу жолу катары материалдарды даярдоодо менторлордун түздөн-түз катышуусун сунушташты.

*“Эң натыйжалуусу - белгилүү бир адам белгилүү бир редакцияга келип, ошол басылмада иштегенде болот. Ишти бүтүп, башка редакцияга барат”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

*“Менторлор менен бирге материалдарды чыгаруу үчүн тренингдер эле эмес, стипендиялык өлкөлүк программа керек”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

ФТнын көпчүлүк катышуучулары алар/алардын кесиптештери ГСЖ стандарттарына байланыштуу окуу курстарына/семинарларга катышканын белгилешти. Тренингдерди БУУӨП, Internews, “Жарык шooласы” демилгеси, жамааттык ММКлар ассоциациясы, ЕБ/Социалдык технологиялар агенттигинин “Даткайым” долбоору, “Журналисттер” КБ өткөргөн. Алар бул тренингдерде гендер темасын сапаттуу чагылдыруу үчүн зарыл болгон гендердик тематика боюнча базалык билимдерди алышкандыгын белгилешти.

*“Биз бул курстарга чейин ГСЖ жөнүндө түшүнүгүбүз бар болчу, бирок бул курстардан кийин суроолорду бергенде эч кимдин кызыкчылыгын көздөбөш үчүн аталыштар жөнүндө да ойлоно баштадык”*

*Фокус-топтун катышуучусу*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## *ГСЖ стандарттарын илгерилетүү үчүн чаралар*

Катышуучулардын бири гендердик стандарттарды киргизүүдө негизги тоскоолдук болуп аларды киргизүүгө багытталган мамлекеттик саясаттын жоктугу саналарын белгиледи. Ошондуктан мамлекеттин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча ырааттуу иш алып баруусу негизги милдет болуп саналат.

> *“Мамлекеттин ГСЖ стандарттарын кабыл албай турган так позициясы бар, бийликтин коомду өзүбүздүкү, өзүбүздүкү эмес деп бөлүп-жарууга так багытталган маалыматтык саясаты бар. Абдан ачык-айкын чектер бар. Тилекке каршы, көптөгөн гендердик топтор өзүбүздүкү эместерге кирет. Мамлекет- биринчи тоскоолдук, анткени сабатсыздыкты жоюуну мамлекет ишке ашырат”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Мамлекет жарандык коом менен биргеликте стереотиптерди жоюу максатында калктын арасында билим берүү-агартуу иштерин жүргүзүүсү зарыл.

> *“Коомду бардык деңгээлде агартуу, мектептин деңгээлинде гендердик теңчилик жана стандарттарды сактоо түшүнүктөрүн киргизүү зарыл”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

> *“Азыр адамдар бардык нерседе бирөөнүн кызыкчылыгын гана көрүшөт. Эгер бир нерсени илгерилетип жатсаң, адамдар аны манипуляция же пропаганда деп эсептешет. Ошондуктан, коомду агартуу зарыл. Себеби журналисттер канча болсо да билим ала алышат, бирок коом даяр болбосо, натыйжа болбойт”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Журналисттик коомчулуктун ГСЖ чөйрөсүндөгү муктаждыктарын ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

- Кыргызстандын шарттарына ылайыкташтырылган, түшүнүктүү жана универсалдуу гендердик-этикалык кодексти иштеп чыгуу;
- ГСЖ жөнүндө маалыматтын, анын ичинде кыргыз тилинде жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- Журналисттерди окутуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;

> *“Журналисттерди, өзгөчө кыргыз редакцияларын окутуу талап кылынат. Мага эч ким келип, мындай тренингдерге баруу үчүн суранган эмес. Ошондуктан бизде билим, жөндөм жок, аны моюнга алабыз. Бирок билим берүү, киргизүү, окутуу керек”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Журналисттердин гендердик сезимтал эксперттерге болгон муктаждыгын камсыз кылуу

*“Мага 24/7 бою “жеткиликтүү” боло турган адам керек, мен кеңеше турган же мага кеңеш бере турган эксперт. Сөөмөйүн көрсөтпөстөн, жакшырткан...”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Журналисттерди даярдоо менен алектенген ЖОЖдордун программаларына ГСЖ боюнча окутууну киргизүү. ММК кызматкерлеринин пикири боюнча, ГСЖ стандарттары Кыргызстандын ЖОЖдорунун журналистика факультеттеринин билим берүү программаларында дээрлик көрсөтүлгөн эмес. ГСЖ курстары айрым ЖОЖдордо гана бар, гендердик маселелер толук камтылган эмес.

*“Жок, менимче, ЖОЖдордо ГСЖ стандарттары окутулбайт. Менин оюмча, мугалимдердин өздөрүндө да гендердик стандарттар жөнүндө түшүнүк жок. Окуучулар өздөрү бир жерде окушат жана мугалимдерге караганда көбүрөөк билишет. Менин пикирим боюнча стандарттар тууралуу программага 2-3-курстарды киргизүү керек. Муну гендер боюнча адис жасаса жакшы болмок”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

*“Мен журналистиканын окутуучулары менен ГСЖ боюнча көп сүйлөшөм. Жогорку окуу жайлардын журналистика факультеттеринде гендердик жана медиа предметине муктаждык бар дешет”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

*“Биздин ЖОЖдордо ГСЖ стандарттары боюнча окутуу жок. Мен 6 жыл мурун окугам жана программада ГСЖ стандарттары болгон эмес. Азыр кандай экенин билбейм, бирок мага келген бүтүрүүчүлөр алар жөнүндө эч нерсе билбегендиктен, эч нерсе өзгөргөн жок деп ойлойм”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Фокус-топтун катышуучулары “InKoom – Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоору Кыргызстанда ГСЖны илгерилетүүгө олуттуу салым кошо аларын белгилешти. Алардын оюу боюнча, долбоор төмөнкүлөрдү жасай алат:



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

- Эксперттик/ментордук кызматтарды көрсөтүү;
- Окутууну, айрыкча кыргыз тилинде контент чыгарган ММКлар үчүн окутууну уюштуруу;
- ММКнын ГСЖ жаатындагы муктаждыктарын баалоого, ГСЖ стандарттарын иштеп чыгууга жана натыйжалуу ишке киргизүүгө жардам берүү;
- ГСЖ жаатында журналисттер үчүн методикалык материалдарды иштеп чыгуу.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

**ЖОЖдордун окутуучулары.**

## *Гендердик сезимтал журналистиканын (ГСЖ) стандарттарын кабылдоо*

Ошондой эле ММК кызматкерлери сыяктуу эле бардык окутуучулар Кыргызстанда социалдык-демографиялык топтор бар экенин, алардын укуктары бузулганын белгилешти. Биринчи кезекте, бул гендердик теңсиздик. Гендердик теңчилик мыйзамдуу түрдө бекитилгенине карабастан, аялдардын укуктары бардык жерде бузулуп жатат. Бул биринчи кезекте салттуу гендердик маданият менен шартталган.

> *“Кыргызстанда гендердик теңсиздик абдан сезилет, аялдар менен эркектердин ортосунда чоң ажырым бар. Алар коомдо, үй-бүлөдө ар кандай роль ойношот жана башкалардын аларга карата күтүүлөрү да ар башка. Көптөгөн макал-лакаптарда, ырларда, акын-жазуучулардын чыгармаларында салттуу стереотиптер катары бекемделген “жакшы аял” жана “жаман аял” деген түшүнүктөр бар. Окуу китептеринин сүрөттөрүндө жана ырларында да “пол жууп жаткан Айша” же “көчөдө топ тепкен Эрмек” ж.б. кездешет. Мектепте жана жогорку окуу жайда “5”ке окуган кыздардын көбү дароо турмушка чыгып, карьера кура албай балдары менен үйдө отурушат. 5-6 жылдан кийин алар жумушка орношушат, анын чөйрөсү жана технологиясы өзгөрүп кеткен. Карьера жок, үй-бүлөдө да колдоо жок – андан кийин финансылык көз карандылык пайда болот. Биздин кыз-келиндер өз укуктарын билишпейт”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Мындан тышкары, катышуучулар башка аялуу категорияларды аташты:

- Майыптыгы бар адамдар;
- ЛГБТ;
- Улгайган адамдар.

Катышуучулардын пикири боюнча, ММК басмрылоонун бардык түрлөрүн жоюуда негизги ролдордун бирин ойнойт, анткени алар социалдык ченемдерге жана жүрүм-турумга олуттуу таасир этет.

> *“ММКнын ролу өтө чоң деп эсептейм. Жаңы медианын пайда болушу, коомго таасир этүүгө, watch dogs болууга, рупор болууга жана коомдун мыйзамдарын сактоого дагы чоң мүмкүнчүлүк”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Катышуучулардын бири ММКда жетекчилик кызматтарда негизинен эркектер иштеп жатканын белгиледи.



SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY
**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

ФТнын катышуучулары акыркы 3 жылда Кыргызстандын ММКлары гендердик темаларга көбүрөөк көңүл бура баштаганын белгилешти. Бул төмөнкү себептерден улам болгон:

- Экономикалык кырдаалдын начарлашынын натыйжасында гендердик/үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээли өстү. COVID-19 пандемиясы да терс таасир этти;
- Санариптештирүү, социалдык тармактардын өнүгүүсү гендердик/үй-бүлөлүк зомбулук учурлары катталып, алар жөнүндө маалымат жайылып, коомчулуктун нааразычылыгын жаратууга өбөлгө түзөт;
- ММК кызматкерлеринин/журналисттердин ГСЖ жөнүндө маалымдар болуу деңгээли өстү. Бул алардын билим берүү иш-чараларына катышуусунун жардамы менен мүмкүн болду.

> *“Мен кээ бир ММКларда жана журналисттерде аң-сезимдүүлүк бар экенин көрүп жатам, алар курстардан өтүшөт, угушат, кызыгышат. Бул өзгөрүүлөргө эмне таасир этти? Билим берүү... Ошондуктан биздин келечегибиз жарандык коомдун жана журналисттердин аркасы менен гана курулат”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Бирок, катышуучулардын пикири боюнча гендердик маселелер негизинен гендердик зомбулуктун контекстинде чагылдырылат, анткени бул темалар “орчундуу” жана коомдук резонанс жаратат. Бул материалдар жаңылык мүнөзгө ээ, ал эми аналитикалык материалдар, журналисттик иликтөөлөр дээрлик чыгарылбайт. Ошондой эле аялдардын ийгилиги темасына анча көңүл бурулбайт.

Изилдөөнүн катышуучулары Кыргызстандын ММКлары чагылдырбоону туура көргөн төмөнкү темаларды аташты:

- ЛГБТ: коомдун терс кабылдоосу, пропаганда боюнча айыптоолор;
- Секс жана сексуалдык тарбия;
- Балдар: балдар үчүн кыргыз жана орус тилдериндеги контенттин жетишсиздиги;
- Майыптыгы бар адамдар;
- Улгайган адамдар;
- Дин: журналистика тармагында динге карата так мамлекеттик саясат жок;
- Улуттук каада-салттар;

> *“Биз 30 жылдан бери идеологиябызды түзө элекпиз. Биз аракет кылган жалгыз нерсе, балким, бул биздин коомду сактап калды, бул салттуу түшүнүктөрдү кармануугa аракет кылуу. Улуттук каада-салттарга жана исламга каршы сүйлөө өтө этиятсыздык. Айтаарың менен дароо эле сени кыргыз эмес деп атап коюшат*

*ж.б. Эмне үчүн журналисттер мындай темага киришпейт? Анткени бул терс пикирлерди ала турган ыраазычылыгы жок темалар”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Изилдөөнүн бардык катышуучулары гендердик стандарттар жөнүндө маалымдар. Катышуучулардын бири алар тууралуу маалыматты биринчи жолу ЕБ/Социалдык технологиялар агенттигинин “ДаткАйым” долбоорунун семинарларында алганын белгиледи. Бардык катышуучулар ММК ГСЖ стандарттарын сактоого милдеттүү экендигине ишенишет, анткени алар коомдо билим берүү-агартуу миссиясын ишке ашырып жатышат.

Изилдөөнүн катышуучулары жалпысынан Кыргызстандын ММКлары ГСЖ стандарттарын сактоого аракет кылып жатышканын белгилешти. Кыргызстандагы ММКлардын арасында, алардын пикиринде, ГСЖнын стандарттарына эң жогорку деңгээлде KLOOP жооп берет.

*“Бизде бул нерселерди жакшы KLOOP чагылдырат. Дайыма контекстти, мисалдарды, окуяларды берет, виктимблейминг менен алектенбейт”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Бирок, жалпысынан Кыргызстанда гендердик маселелерди туура эмес чагылдыруу көйгөйү бар. Катышуучулар ГСЖ стандарттарын төмөнкүдөй бузууларды белгилешти:

- Victim blaming;

*“Мисалы, күйөөсү аялын сабаган, ага аял күнөөлүү, анткени ал түнкү саат 3кө чейин клубда жүргөн деп жазышат. Бул багытта бизде көптөгөн аталыштар бар. Мен студенттерге жабырлануучуну актаган аталыштарды камтыган маалыматтарды табуу боюнча тапшырма бердим. Көп нерсени табышты. Кээде адистешкен практик-журналисттер өздөрү билбей эле туура эмес жазып коюшат”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Жеке маалыматтарды ачыкка чыгаруу;

*«Super kg, super tv. Ал жерде күйөөсү таштап кеткен, күйөөсү сабаган, көчөдө калган аялдар, балдар жөнүндө көп көрсөтүлөт. Көбүнчө мындай мазмунду жарыялап, ошол аялдын номерин, банктын номерин, ар кандай банк реквизиттерин ошол жерде жазышат жана аларга элдер чалышат. Бир аялды тааныйм, акча, азык-түлүк үчүн интим кызматын сунуштап, “сен 10 жылдан бери жолдошуң жок жашап жатасың” деп, уят сөздөрдү айтышкан”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Гендердик стереотиптер кыргыз тилинде контент жарыялаган ММКларга өзгөчө мүнөздүү.

*“Кыргыз медиасында кээде ушундай контент болот, аялдар үчүн аздыр-көптүр ылайыктуу жумуш, эркектерге ылайыктуу жумуш, аялдар билим берүү, медицина*

*тармагында гана иштеши керек, ал эми башка тармактарда өздөрүн көрсөтө албай, ишке ашыра албай калышат деген”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Катышуучулардын бири мамлекеттик ММКлар да гендердик стереотиптерди көрсөтүп жатканын белгиледи.

*“Келин” Телеберүүсү. КТР - бул нормаларды бүткүл коомго жайылтуучу өлкөнүн таянычы. Алар суроолорду берүү кадимки нерсе дешет. Мен түшүнөм, эгер бул жеке канал болсо, анда сиз порнону да көрсөтө аласыз. Бирок бул мамлекеттик канал, ченемдер болушу керек”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

ГСЖ стандарттары ММК кодекстеринде чагылдырылганбы же чагылдырылган эмеспи деген маселе боюнча катышуучулардын пикирлери экиге бөлүндү. Айрым катышуучулар стандарттар кодекстерде жазылган эмес деп эсептешет. ММК кызматкерлери ички келишимдерди сакташат.

*“Журналистиканын этикалык кодекстеринде гендердик теңчилик каралган эмес. Менимче, алар ички редакциялык саясатта да жок. Эки тараптын көз карашын чагылдыруу сыяктуу эрежелер, жыныстарды бөлүү маселеси сакталышы мүмкүн. Мыйзам чегинде бул маселелерге өзгөчө көңүл буруу керек”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

Катышуучулардын бири ГСЖ стандарттары ММК кодекстеринде жазылганын белгиледи.

- Изилдөөнүн катышуучулары ГСЖ стандарттарын илгерилетүүдө негизги тоскоолдук мамлекет жана коом тарабынан аларды четке кагуу болуп саналарын белгилешти. Коом гендердик теңсиздик көйгөйүнүн бар экендигин моюнга алышы керек.

*“Биз бул норма эмес деп кабыл алгыбыз келбейт. Бизге улуттук салтка жамынып, баары жакшы деп айтуу оңой. Ага дөңгөлөк кийгизип, ура баштады. Тарбиялап жатат. Урса, демек сүйөт. Күйөөгө тийсе, жакшы көрүп кетет, чыдайт ж.б. фразалар. Эгер биз бул жөнүндө унчукпасак, анда бизге ушундай ыңгайлуу. Бул үйдө билим берүү, диний билим берүү маселеси. Мектепте тарбиялап, көрсөтүшү керек. Бизде мектептер светтик болгондуктан, анда укуктар, ченемдер, дүйнөлүк стандарттар жөнүндө айтуу керек. ММКлар мындай көйгөйлөрдү көтөргөн мисалдар аз эмес”*

*Фокус-топтун катышуучусу*

- Калктын медиа сабаттуулугунун деңгээлинин төмөндүгү.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

- ММК кызматкерлеринин гендердик сезимталдыгынын төмөн деңгээли. Эгерде журналист гендердик маселелерди изилдебесе, гендердик маселелер боюнча адабияттар менен таанышпаса, ал гендердик маселелерди адекваттуу кабыл алууга даяр эмес болушу мүмкүн. Демек, бул анын өндүрүмүнө таасир этет, анткени ал өзүнүн түшүнүгүн же өзү иштеген ММКнын көз карашын чыгарат.

## ГСЖ стандарттары жөнүндө маалымдуулук

Фокус-топтун катышуучулары ГСЖ стандарттары жөнүндө бир нече маалымат булактарын аташты:

- ГСЖ боюнча колдонмо тренингдерде жана ЕБ/Социалдык технологиялар агенттигинин “ДаткАйым” долбоорунун сайтында;
- ГСЖ боюнча курсу Cabar.asiaда;
- Journalist.kg: БУУӨПтүн колдоосу менен даярдалган майыптыгы бар адамдардын көйгөйлөрүн чагылдыруу жөнүндө материал;
- Медиа сабаттуулук аркылуу окуяларды гендердик сезимтал чагылдыруу жана экстремизмди пропагандалоого каршы аракеттенүү боюнча колдонмо, Гүлнара Ибраева Гулнура Төралиева.

Ошондой эле катышуучулар ГСЖ тууралуу маалымат булагы катары социологдордун, психологдордун, БУУнун уюмдарынын (ЮНЕСКО, БУУӨП) илимий басылмаларын колдонушаарын белгилешти.

Ошол эле учурда алар кыргыз тилинде маалыматтын жетишсиздигин белгилешти. Алардын пикири боюнча бул маалыматка суроо-талаптын жоктугу менен шартталат.

> *“Стандарттар дайыма орус тилинде гана, кыргыз тилинде такыр жок. Жакшы болмок. Менин оюмча, менталитетке байланыштуу буга өзгөчө кызыкдар эмес”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

ФТнын катышуучулары Кыргызстанда ГСЖ стандарттары жөнүндө маалыматтын жетишсиздигин белгилешти. Колдонуучулардын кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүү тил менен берилген маалымат аз. Ошондой эле катышуучулар профилактикага багытталган кесипкөй макалалардын, изилдөөлөрдүн, иликтөөлөрдүн жетишсиздигин белгилешти.

> *“ММКлар бул маселени ал жерде баары чирип, ачык көрүнүп калганда гана көтөрүшөт. Профилактикалык иш-чаралар жүргүзүлбөйт. Эгерде бизде ресурс болгондо гендер, фемицид маселелери дайыма көтөрүлүп турса, мен жазылып, чогуу окуп, өнүкмөкмүн”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Катышуучулар гендер жаатында билим берүү-агартуу иштерин жүргүзгөн уюмдарды аташты: Kloop, Сорос фонду, “Манас” КТУ (онлайн семинарлар). Алар мындай семинарларга катышуу алардын кесиптик ишмердүүлүгүнө жардам берерин белгилешти.

> *“Өткөн жылы биз бул курстардан өткөндө, менин студенттерим гендердик маселеге байланыштуу көбүрөөк видеолорду тарта баштакан. Бул абдан кызыктуу болду. Студенттер көрүп жаткан абдан чоң терс көрүнүш жана алар аны кантип беришкен”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

## ГСЖ стандарттары ЖОЖдордун окутуу программаларында

Фокус-топтун катышуучулары көрсөткөн алты окуу жайдын ичинен экөөндө гана ГСЖ маселелери “Гендер жана медиа” предметинин алкагында окутулат.

> *“Гендер жана медиа” деген өзүнчө предмет бар. Магистратурада да, бакалаврда да. Андан тышкары, быйыл диплом жактоочу үч студентим бар, бирөө Борбор Азия медиасында аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгү тууралуу диплом жазат. Ал эми экинчиси феминаледен кийин Кыргызстандагы искусство жөнүндө болот. Бул да гендер темасына тиешелүү, анткени феминаледен кийин кандайдыр бир чатак болот. Студенттердин өздөрү да кызыгышат”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Катышуучулардын бири ЖОЖдун программасында атайын предметтин жоктугуна карабастан, ЖОЖдун окутуучулары журналистикадагы гендердик аспектилерди карап чыгууга убакыт бөлүп жатканын белгиледи.

> *“Бизде лекция болгон кайсы бир күнду атайын бөлүп, баяндап беребиз, мисалдар менен көрсөтөбүз жана аларга (студенттерге) аталыштарды, тексттерди таап, аларды талдоо, презентация даярдоо боюнча ар кандай тапшырмаларды беребиз. Башкача айтканда, гендердик теңсиздик, стандарттардын бар экендиги, журналистикада чагылдыруу жөнүндө”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

Бардык катышуучулар ГСЖ стандарттарын өздөштүрүү журналистика факультетинин студенттери үчүн милдеттүү болушу керек деген пикирде. Журналисттерге гендердик теңчилик жөнүндө жазууну үйрөтүш керек. Гендердик маселелер - бул коомдун өнүгүшүнүн маанилүү элементи, социалдык адилеттүүлүк маселеси. Ал эми журналисттер коомдогу коммуникацияны ишке ашыруучу негизги субъекттердин бири болуп саналат, алар маалыматтын кабыл алынышына жана берилишине таасир этет.



“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## *ГСЖ стандарттарын илгерилетүү үчүн чаралар*

- Мамлекет гендердик теңчиликти камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Гендердик топтордун мыйзамдуу тең укуктары бекитилген, бирок аны ишке ашыруу механизми иш жүзүндө иштебейт. Ошондуктан мыйзам чыгаруу жаатында гендердик тең укуктуулуктун заманбап институтун түзүү маанилүү. Гендердик стандарттар мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын ишин жөнгө салуучу документтерде, анын ичинде кадр саясатында бекитилүүгө тийиш.
- Улуттук гендердик этика кодекси кабыл алынышы керек.

> *“Бул маселе боюнча Гендердик этика кодексти кабыл алуу сунушу болгон, бирок ал азырынча кабыл алына элек. Гендердик этика кодекси иштелип чыккан, бирок талкуу баскычында. Аны толуктап, карап чыгып, анан Жогорку Кеңештин талкуусуна бериш керек. Мунун баары кабыл алынганда, журналисттер ушул эрежелерди сактоо менен иштей башташат. Кыргызстандагы бардык журналисттер аны сактоого милдеттүү болот. Ар бир уюм, ар бир медиа-портал кандайдыр бир өз принциптери менен иштесе, өзгөчө натыйжа болбойт”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

- Мүмкүн болгон бардык каналдар аркылуу коомго гендердик стандарттарды берүү зарыл: ММК, жарандык коомдун уюмдары, жалпы билим берүүчү мектептерден баштап жогорку билим берүү уюмдары.
- Окутуунун инновациялык ыкмаларын колдонуу менен окутуучу иш-чараларды өткөрүү зарыл. Мультимедиялык техниканы колдонуу менен материалды жеткиликтүү түрдө (мисалы, презентация түрүндө) баяндоо зарыл. Окутууга тиешелүү тажрыйбасы жана билими бар адистерди тартуу зарыл.

> *“Окутууну оюн түрүндө өткөрүү, мектептерде, балким, мындай нерселерди жасоо, талкуулар жана сыналгыда мындай кейстерди талдоо керек. ГСЖ деген эмне экенин салттуу түрдө окутуу бул жөн гана сөздөр жана эч ким эч нерсе түшүнгөн жок”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*

- Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары ММКнын практикасында декларацияларда эмес, редакциялык стандарттардын деңгээлинде бекемделиши керек. ММК коомдо гендердик маселелерге карата аң-сезимдүү мамиленин пайда болушуна өбөлгө түзүшү керек.
- Гендер жаатында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, гендердик көйгөй жана гендердик басмырлоо жаатында ар кандай аспектилерди изилдөө зарыл.
- Гендердик эксперттерди тартуу менен атайын ресурста системалаштырылган маалыматты топтоо зарыл.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

Фокус-топтун катышуучуларынын пикири боюнча “InKoom – Кыргызстандагы адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоору жарандык коомдун уюмдарын, фонддорду, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн ж.б. тартуу менен консультативдик иш-чараларда окутууну жана талкуулоону уюштуруу аркылуу ГСЖ стандарттарын илгерилетүүгө өз салымын кошо алат. Мындай иш-чаралар менен Кыргызстандын бардык аймактарын камтуу зарыл. Ошондой эле жаштарды тартуу керек.

> *“Студенттер жана мектеп окуучулары үчүн оюн жана билим берүү иш-чаралары. Журналисттер үчүн гендердик сезимталдык боюнча квиз-найттар мезгил-мезгили менен керек. Жана, балким, биз аны талкуулай турган аянтчалар керек, б.а. ЖОЖдордо кандайдыр бир панелдик нерселерди жасоо керек”*
>
> *Фокус-топтун катышуучусу*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3,  206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71,  Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## СУНУШТАР

### Мамлекеттик органдар үчүн сунуштар:

1. Гендердик теңчиликти камсыз кылууда мамлекет биринчи ролду ойнойт. Гендердик топтордун мыйзамдуу тең укуктары бекитилген, бирок аны ишке ашыруу механизми иш жүзүндө иштебейт. Ошондуктан мыйзам чыгаруу жаатында гендердик тең укуктуулуктун заманбап институтун түзүү маанилүү. Гендердик стандарттар мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын ишин жөнгө салуучу документтерде, анын ичинде кадр саясатында бекитилүүгө тийиш.

2. ӨЭУлар менен өнөктөштүктө калк арасында гендер жана медиа сабаттуулук жаатында билим берүү-агартуу иштерин жүргүзүү, мүмкүн болгон бардык каналдар: ММК, жарандык коомдун уюмдары, жалпы билим берүүчү мектептерден баштап билим берүү уюмдары аркылуу гендердик стандарттарды коомго көрсөтүү зарыл.

3. Журналисттерди даярдоо менен алектенген ЖОЖдордун программаларына ГСЖны окутууну киргизүү.

4. Гендер жаатында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, гендердик көйгөй жана гендердик басмырлоо жаатында ар кандай аспектилерди изилдөө зарыл.

### ММКлар үчүн сунуштар:

5. Коомдук пикирди калыптандыруу жана ММКнын гендердик стереотиптерин четтетүү үчүн позитивдүү кейстерди көбүрөөк көрсөтүү зарыл:

   - Аялдарды “аялдардын” кесиптеринде гана эмес, “эркектердин” (мисалы, IT чөйрөсүндө) жана тескерисинче, алар үчүн адаттан тыш ролдордо (мисалы, бала багуучулар, эркектердин декрети, позитивдүү аталык) эркектер жөнүндө көбүрөөк көрсөтүү.
   - Улгайган адамдардын активдүү өкүлдөрү жөнүндө (ачык кейс: профессор Карасаева Тиктокто (Тик токтун чоң энеси), анда ал бул тармактын форматында жашоо, ден соолук тууралуу билимин берет).
   - Майыптыгы бар активдүү адамдар ж. б. жөнүндө.

6. ММКлар жарыяланган кейстер боюнча кырдаалды көзөмөлдөп турушу керек (убакыт өткөндөн кийин басылмалардын каармандары эмне болду)

7. ММК гендердик темада материалдарды берүү формаларын ар тараптуу жүргүзүүсү зарыл. Материалдар жаңылыктуу гана эмес, агартуучулук мүнөздө да болушу керек, гендердик аспектилерди эске алуу менен “Бул жерде эмне туура эмес” экенин көрсөтүү зарыл.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республикасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

8. Аялдарга, балдарга, улгайган адамдарга, майыптыгы бар адамдарга жана башка аялуу топторго карата басмырлоо жана зомбулук фактылары жана мындай учурлардын коомго тийгизген таасири тууралуу журналисттик иликтөө жүргүзүү зарыл.

## Жарандык коомдун уюмдары үчүн сунуштар:

9. Гендердик этика кодексти иштеп чыгууда жана аны имплементациялоодо мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү
10. Журналисттердин ГСЖ боюнча тренингдерге катышуу мотивациясын жогорулатуу үчүн:
    - курстардын программаларын журналисттердин кесиптик кызыкчылыктарын эске алуу менен иштеп чыгууга, мисалы, мобилографияны, мобилдик гаджеттердин атайын мүмкүнчүлүктөрүн окутуу ж. б. у. с.
    - ГСЖ боюнча контентти түзүү үчүн минигранттарды алуу менен тренингдердин/конкурстардын программаларын иштеп чыгуу.
11. Мамлекеттик органдар менен өнөктөштүктө гендердик стереотиптерди жана терс ынанымдарды өзгөртүү максатында айыл жергесинин жашоочулары (эркектер) үчүн аялдардын коомдогу, коомчулукту өнүктүрүүдөгү ролу жөнүндө, анын ичинде тиричиликти жөнөкөйлөтүү (кир жуугуч машиналарды, чаң соргучтарды ж.б. жашоону жеңилдетүүчү түзүлүштөрдү коюу) жөнүндө тренингдерди өткөрүү.
12. Журналисттердин гендердик сезимтал эксперттерге болгон муктаждыгын камсыз кылуу.
13. ММК менен биргеликте балдар жана өспүрүмдөр жана башка максаттуу топтор үчүн гендердик тематикадагы билим берүү материалдарын чыгаруу зарыл.

## “InKoom – Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоору үчүн сунуштар:

14. ГСЖ боюнча маалымат ар кандай ресурстарга чачырап кеткендиктен, аны табуу кыйынчылык жаратат. Аны системалаштыруу жана бир ресурска топтоо, ошондой эле ар кандай багыттар боюнча гендердик эксперттердин пулун кошуу зарыл. Бул ресурс тууралуу маалымат кеңири жайылтылышы керек.
15. 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегияга жана гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук иш-аракеттер планына ылайык Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары боюнча методикалык колдонмо иштелип чыккан. Бирок ал ММКда кеңири тараган жок. Аны ММКнын редакциялык саясатына киргизүү боюнча иишти күчөтүү зарыл. Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары ММКлардын тажрыйбасында редакциялык стандарттардын деңгээлинде бекемделиши керек. ММК коомдо гендердик маселелерге карата аң-сезимдүү мамиленин пайда болушуна өбөлгө түзүшү керек.



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

16. ГСЖ стандарттары боюнча окутууда ММКнын кыргыз тилдүү сегментине басым жасоо зарыл. Мындан тышкары, окутуу менен Кыргызстандын бардык аймактарын камтуу маанилүү.

17. Окутууну уюштурууда салттуу тренингдерден тышкары альтернативдүү ыкмаларды колдонуу керек, мисалы:

- Редакциядагы резиденциялар жана ментор менен иштөө;
- Гендердик сезимталдык боюнча журналисттер үчүн квиз-найттар;
- ЖОЖдордун студенттери (журналистика факультеттери) жана ММКнын жаш журналисттери үчүн гендердик стандарттар жана гендердик сезимталдык боюнча оюн түрүндөгү кыска мөөнөттүү интенсивдүү курстар. Курстардын аягында катышуучулар материалдарды чогултуп, жарыялашы керек. Жыйынтыгы боюнча жеңүүчүлөрдү аныктоого болот.

18. Окутуучу иш-чараларды өткөрүүдө ГСЖ жөнүндө материалдарды жеткиликтүү формада (мисалы, презентация түрүндө) мультимедиялык техниканы колдонуу менен баяндоо зарыл. Окутууга тиешелүү тажрыйбасы жана билими бар адистерди тартуу зарыл.
19. Жаштарга гендердик билим берүү маанилүү багыт болуп саналат. Гендердик теңсиздик маселелерине басым жасоо менен жаштарды окутуу үчүн социалдык тармактарды, мисалы, популярдуу тиктокерлер, ютуберлер жана башкалар менен кызматташуу аркылуу кеңири колдонуу керек.
20. Жарандык коомдун уюмдарын, фонддорду, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн ж.б. тартуу менен консультативдик иш-чараларда окутууну жана талкуулоону уюштуруу аркылуу ГСЖ стандарттарын илгерилетүү. Мындан тышкары, жаштарды тартуу керек.
21. Улуттук гендердик этика кодексин иштеп чыгууну жана кабыл алууну жана аны ММКнын иш практикасына киргизүүнү демилгелөө.
22. Журналисттер үчүн гендер жаатында эксперттик / ментордук кызматтарды көрсөтүү;
23. Кыргыз тилиндеги контентти чыгарган ММКлар үчүн окутууну уюштуруу, кыргыз тилдүү медианын гендердик сезимталдыкка контент - талдоосун жүргүзүү.
24. ММКнын ГСЖ жаатындагы муктаждыктарын баалоого, ГСЖ стандарттарын иштеп чыгууга жана натыйжалуу ишке киргизүүгө жардам көрсөтүү.
25. ГСЖ жаатында журналисттер үчүн методикалык материалдарды иштеп чыгуу. Атап айтканда, терминдердин жана түшүнүктөрдүн глоссарийин, терминдердин жана түшүнүктөрдүн синонимдеринин тизмесин түзүү жана актуалдаштыруу.
26. Кинопродюсерлер, кинорежиссерлор ж.б. киноискусствонун өкүлдөрү үчүн стереотиптерди пайдаланбастан гендердик маселелер боюнча окутуу жүргүзүү зарыл (аларга базалык маалымат берүү - аялдарды, эркектерди, улгайган адамдарды кантип көрсөтүү керектиги ж.б. тууралуу).



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

27. Көп сандаган жазылуучулары бар блоггерлерди, массалык аудитория менен иштеген адамдарды гендердик пропагандага тартуу жана алар үчүн билим берүү иш-чараларын оюн түрүндө өткөрүү.
28. Мамлекеттик органдардын, өзгөчө күч түзүмдөрүнүн (ИИМ, УКМК, Башкы прокуратура, Билим берүү министрлиги ж.б.) басма сөз катчылары үчүн пресс - релиздерди түзүүдө айрым топтордун стигмасын жана стереотиптерди жайылтууну жоюу боюнча окутуучу тренингдерди өткөрүү.
29. Студенттер жана мектеп окуучулары үчүн билим берүү иш-чараларын өткөрүү.
30. Харассмент учурлары көбөйгөндүктөн ЖОЖдордо жана ММКларда харассмент боюнча базалык онлайн тренингди киргизүү, ал эми ЖОЖдордун жана ММКлардын эмгек келишимдеринде харассмент үчүн жоопкерчилик чарасын кароо.

## ТИРКЕМЕ

### A. ФТнын катышуучуларынын демографиялык мүнөздөмөлөрү.

Фокус-топторго 22 адам катышты:

- ММКнын өкүлдөрү (редакторлор) – 13 адам;
- ЖОЖдордун окутуучулары - 9 адам.

Катышуучулардын 81% аялдар түздү. Катышуучулардын орточо жашы – 38 жаш.

## B. ММКнын өкүлдөрү (редакторлор) үчүн гайд

*Киришүү*

Кош келиңиз жана бүгүн келгениңиз үчүн баарыңыздарга рахмат! Менин атым [Ысымы].

Мен 2022-2025-жылдар аралыгында Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен “Социалдык технологиялар агенттиги” КБ жана “Социологиялык, политологиялык жана социо-психологиялык изилдөөлөр борбору” КБ тарабынан ишке ашырып жаткан “InKoom Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү” долбоорунун өкүлүмүн. Долбоордун максаты – аялдарга, жаштарга жана балдарга карата зомбулуктун деңгээлин төмөндөтүүгө жеткиликтүү, көз карандысыз жана сапаттуу ресурстар менен укук коргоо уюмдарынын жана ММКлардын санын көбөйтүүгө көмөктөшүү.

Кыргыз Республикасындагы ММКнын ишмердигинин гендердик аспекттеринин учурдагы абалын баалоо, долбоордун иш-аракеттерин андан ары пландаштыруу жана долбоордун алкагында мындан аркы аракеттердин актуалдуулугун аныктоо үчүн боштуктарды жана көйгөйлөрдү аныктоо, ошондой эле комплекстүү мамилени иштеп чыгуу үчүн базалык изилдөө жүргүзүлүүдө. Бул компоненттин өзүнчө милдети болуп ММКларда мүмкүнчүлүгү чектелген аялдарга басым жасоо менен аялдардын, жаштардын абалын чагылдырууну талдоо саналат. Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары боюнча пикириңизди билүү үчүн сизди чакырдык.

Башында мен талкуу кандай болорун түшүндүрөм. Ал болжол менен 1,5 саатка созулат. Сиз бизге берген маалымат купуя болуп саналат жана биз сиздин ысымыңызды фокус-топ учурунда айтканыңыз менен байланыштырбайбыз. Талкуу учурунда айтылган ойлорду, пикирлерди жана идеяларды так чагылдыруу үчүн биз фокус-топто талкууну аудио жаздырабыз. Фокус-топторго эч кандай ысымдар байланбайт жана жазуулар чечмеленгенден кийин дароо жок кылынат. Биз сизге бере турган ар кандай суроого туура же туура эмес жооп жок. Сиз каалаган суроого жооп берүүдөн баш тарта аласыз же каалаган убакта баалоого катышуудан баш тарта аласыз. Бүгүнкү талкууда бөлүшүлө турган маалыматтын купуя сакталышы биз үчүн маанилүү. Ар бириңиздер бири-бириңердин купуялуулугуңарды сактап, фокус-топтун жүрүшүндө айтылгандарды башкаларга айтып бербешиңерди суранабыз жана күтөбүз.

Мен сизге бул изилдөөгө макулдук берүүнү чечүүгө жардам бере турган маалыматты камтыган макулдукту билдирүү формасын карап чыгууну сунуштайм. Сураныч, макулдук

баракчасын кунт коюп окуп чыгыңыз жана эгер сиз изилдөөгө катышууга макул болсоңуз, ага кол коюңуз. Мен күтүп турам, суроолоруңузга пайда болсо жооп берем.

[Модератор катышуучуларга карап чыгуу жана кол коюу үчүн макулдук формасын сунуштайт].

Сураныч, өзүңүздү тааныштырып, өзүңүз жөнүндө бир нече сөз айтыңыз. Атыңыз ким, канча жаштасыз, кандай уюмдун өкүлүсүз, кызмат ордуңуз ж. б.

### *Гендердик сезимтал журналистиканынын (ГСЖ) стандарттарын кабылдоо.*

1. Алгач Кыргызстандагы гендердик теңчилик туурасында сөз кылалы. Ал мыйзам деңгээлинде кандайча камсыз кылынат? Кыргызстанда гендердик теңчилик көйгөйү барбы? Бар болсо, кайсы гендердик топтордун кызыкчылыктары бузулган деп ойлойсуз? Кыргызстанда гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн эмне кылуу керек? Мында ММКнын ролу кандай?
2. Кыргызстандагы ГСЖга өтөлү. Сиздин оюңузча акыркы 3 жылда Кыргызстанда ГСЖ кандай өнүккөн? Кандай өзгөрүүлөр болду? Бул өзгөрүүлөргө эмне түрткү болду? Алар кандай таасир этти?
3. Сиздин пикириңизде, Кыргызстандын ММКларында тыюу салынган темалар барбы? Бар болсо, кайсылар? Эмне үчүн?
4. Кыргызстандын кесиптик ММКларында көрсөтүлбөгөн/аз көрсөтүлгөн топтор барбы? (айрым гендердик топтор, ДМЧА, жаштар, улгайган адамдар ж.б.) Бул топтордун ММКда көрсөтүүнү кеңейтүү үчүн муктаждык/зарылчылык барбы? Эмне үчүн? Бул үчүн эмне кылуу керек?
5. ГСЖ стандарттары жөнүндө уктуңуз беле? Сиздин оюңузча, Кыргызстандагы журналисттер ГСЖ стандарттарын сакташы керекпи? Сакташ керек болсо, эмне үчүн? Эгер жок болсо, эмне үчүн?
6. Кыргызстандын журналистикасында ГСЖ стандарттары колдонулабы? Кыргызстандын журналисттери колдонгон этика кодекстеринде ГСЖ стандарттары бекитилгенби? Бекитилген болсо, мисал келтириңиз. Кыргызстандын журналистикасында ГСЖ стандарттарын жайылтуу керекпи? Эмне үчүн? Бул үчүн эмне кылыш керек деп ойлойсуз?
7. Кыргызстанда ГСЖга карата стереотиптер/терс ынанымдар барбы? Бар болсо, мисал келтириңиз. Бар болсо, кайсылар, алар канчалык кеңири тараган? Алар кандай таасир этет? Бул стереотиптерди/терс ынанымдарды жеңүү үчүн эмне кылуу керек?
8. Кыргызстанда ГСЖ стандарттарына ылайык келбөө, гендердик маселелерди туура эмес чагылдыруу көйгөйлөрү барбы? Бар болсо, бул көйгөйлөр кантип көрүнүүдө, Кыргызстандын журналисттери гендердик маселелерди чагылдырууда кандай каталыктарга жол берип жатышат? Ушундан улам кандай терс кесепеттер келип чыгууда?
9. ГСЖ стандарттарына ылайык келбөө көйгөйлөрүн жеңүү үчүн эмне кылуу керек деп ойлойсуз? Бул көйгөйлөрдү чечүүгө кандай тоскоолдуктар тоскоол болууда?



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

*ГСЖ стандарттары жөнүндө маалымдуулук.*

10. Кыргызстанда ГСЖ стандарттары тууралуу ачык маалымат булактары барбы? Бар болсо, кайсылар? ГСЖ стандарттары жөнүндө маалыматты кайсы булактардан аласыз?
11. Кыргызстанда ГСЖ стандарттарына тиешелүү окутуу курстары/семинарлар жөнүндө уктуңуз беле? Уккан болсоңцз, окутуунун тематикасы, формасы кандай болгон, окутууну кайсы уюм өткөргөн?
12. Сиз/сиздин кесиптештериңиз ГСЖ стандарттарына байланыштуу окуу курстарына/семинарларга катыштыңыз беле? Катышкан болсоңуз, сүрөттөп бериңиз (качан, тема, форма, уюштуруу). Окуу курстарына/семинарларга катышуу сиздин кесиптик ишиңизге кандай таасир этти?
13. Сиздин пикириңиз боюнча Кыргызстанда ГСЖ стандарттары тууралуу маалыматтын жетишсиздиги көйгөйү барбы? Бар болсо, кандай? Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн эмне кылуу керек? Кандай маалыматка/окуу семинарларына муктаждык бар?

*Практикалык иште ГСЖ стандарттарын колдонуу*

Уюмуңузда ГСЖ стандарттарын колдонуу жөнүндө сүйлөшөлү.

14. Редакциялык саясатта жана мазмунда ГСЖ стандарттары колдонулабы?
15. Андай болсо, бул стандарттар кандайча бекитилген? Бекитилген ГСЖ стандарттары бар ички документтер/этикалык кодекстер барбы?
16. Бар болсо, ГСЖ стандарттары канча убакыттан бери колдонулуп келет? ГСЖ стандарттарын колдонуу практикасы сиздин уюмдун журналисттеринин ишинин сапатына кандай таасир этти?
17. Андай болсо, басылмалардын ушул стандарттарга ылайык келишине мониторинг жүргүзүлөбү?
18. Эгерде мониторинг жүргүзүлсө: Мониторинг жүргүзүү механизмин сүрөттөп бериңизчи?
19. Эгерде мониторинг жүргүзүлсө: Гендердик көйгөйдү туура эмес чагылдыруу көйгөйлөрү канчалык көп каралат? Негизги көйгөйлөрдү сүрөттөңүз.
20. Эгерде мониторинг жүргүзүлсө: Журналисттер тарабынан ГСЖ стандарттарын бузуу учурлары азайды, көбөйдү, өзгөргөн жок деп баалай аласызбы? Эмне үчүн?
21. Эгер мониторинг жүргүзүлбөсө, эмне үчүн? Мониторинг жүргүзүүнүн зарылдыгы барбы? ГСЖ стандарттарын сактабаган журналисттер эмне болот?
22. ГСЖ стандарттарын колдонууда кандай кыйынчылыктар пайда болот? Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн эмне кылуу керек?
23. Эгер стандарттар бекитилбесе, эмне үчүн? Эгер ГСЖ стандарттарын бекитүү зарылчылыгы барбы? Эмне үчүн?

*Сунуштар*

24. Кыргызстанда журналисттик коомчулуктун ГСЖ чөйрөсүндө кандай муктаждыктары бар? Бул муктаждыктарды ишке ашыруу үчүн эмне кылуу керек?



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

25. Сиздин оюңузча ГСЖ стандарттары Кыргызстандын ЖОЖдорунун журналистика факультеттеринин билим берүү программаларында жетиштүү деңгээлде көрсөтүлгөнбү? Көрсөтүлбөсө, кандай боштуктар бар?

26. Сиздин оюңуз боюнча Кыргызстанда ГСЖ стандарттарын илгерилетүү үчүн кандай чараларды көрүү керек:
    - Өкмөткө.
    - ММКга.
    - Билим берүү уюмдарына
    - Жарандык коомго/Коомдук умдарга.
    - Башка уюмдарга/адамдарга.

27. “InKoom – Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоору ГСЖ стандарттарын илгерилетүүдө кандай колдоо көрсөтө алат?

*Корутунду*

28. Биздин талкуу соңуна чыкты. Сиздин оюңуз боюнча бүгүн биз талкуулабаган ГСЖ стандарттарына байланыштуу суроолор барбы? Бар болсо, кандай суроолор?

Катышканыңыз үчүн рахмат!



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

## C. ЖОЖдордун окутуучулары үчүн гайд

*Киришүү*

Кош келиңиз жана бүгүн келгениңиз үчүн баарыңыздарга рахмат! Менин атым [Ысымы].

Мен 2022-2025-жылдар аралыгында Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен “Социалдык технологиялар агенттиги” КБ жана “Социологиялык, политологиялык жана социо-психологиялык изилдөөлөр борбору” КБ тарабынан ишке ашырып жаткан “InKoom Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү” долбоорунун өкүлүмүн. Долбоордун максаты – аялдарга, жаштарга жана балдарга карата зомбулуктун деңгээлин төмөндөтүүгө жеткиликтүү, көз карандысыз жана сапаттуу ресурстар менен укук коргоо уюмдарынын жана ММКлардын санын көбөйтүүгө көмөктөшүү.

Кыргыз Республикасындагы ММКнын ишмердигинин гендердик аспекттеринин учурдагы абалын баалоо, долбоордун иш-аракеттерин андан ары пландаштыруу жана долбоордун алкагында мындан аркы аракеттердин актуалдуулугун аныктоо үчүн боштуктарды жана көйгөйлөрдү аныктоо, ошондой эле комплекстүү мамилени иштеп чыгуу үчүн базалык изилдөө жүргүзүлүүдө. Бул компоненттин өзүнчө милдети болуп ММКларда мүмкүнчүлүгү чектелген аялдарга басым жасоо менен аялдардын, жаштардын абалын чагылдырууну талдоо саналат. Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары боюнча пикириңизди билүү үчүн сизди чакырдык.

Башында мен талкуу кандай болорун түшүндүрөм. Ал болжол менен 1,5 саатка созулат. Сиз бизге берген маалымат купуя болуп саналат жана биз сиздин ысымыңызды фокус-топ учурунда айтканыңыз менен байланыштырбайбыз. Талкуу учурунда айтылган ойлорду, пикирлерди жана идеяларды так чагылдыруу үчүн биз фокус-топто талкууну аудио жаздырабыз. Фокус-топторго эч кандай ысымдар байланбайт жана жазуулар чечмеленгенден кийин дароо жок кылынат. Биз сизге бере турган ар кандай суроого туура же туура эмес жооп жок. Сиз каалаган суроого жооп берүүдөн баш тарта аласыз же каалаган убакта баалоого катышуудан баш тарта аласыз. Бүгүнкү талкууда бөлүшүлө турган маалыматтын купуя сакталышы биз үчүн маанилүү. Ар бириңиздер бири-бириңердин купуялуулугуңарды сактап, фокус-топтун жүрүшүндө айтылгандарды башкаларга айтып бербешиңерди суранабыз жана күтөбүз.

Мен сизге бул изилдөөгө макулдук берүүнү чечүүгө жардам бере турган маалыматты камтыган макулдукту билдирүү формасын карап чыгууну сунуштайм. Сураныч, макулдук

баракчасын кунт коюп окуп чыгыңыз жана эгер сиз изилдөөгө катышууга макул болсоңуз, ага кол коюңуз. Мен күтүп турам, суроолоруңузга пайда болсо жооп берем.

[Модератор катышуучуларга карап чыгуу жана кол коюу үчүн макулдук формасын сунуштайт].

Сураныч, өзүңүздү тааныштырып, өзүңүз жөнүндө бир нече сөз айтыңыз. Атыңыз ким, канча жаштасыз, кандай уюмдун өкүлүсүз, кызмат ордуңуз ж. б.

*Гендердик сезимтал журналистиканынын (ГСЖ) стандарттарын кабылдоо.*

1. Алгач Кыргызстандагы гендердик теңчилик туурасында сөз кылалы. Ал мыйзам деңгээлинде кандайча камсыз кылынат? Кыргызстанда гендердик теңчилик көйгөйү барбы? Бар болсо, кайсы гендердик топтордун кызыкчылыктары бузулган деп ойлойсуз? Кыргызстанда гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн эмне кылуу керек? Мында ММКнын ролу кандай?
2. Кыргызстандагы ГСЖга өтөлү. Сиздин оюңузча акыркы 3 жылда Кыргызстанда ГСЖ кандай өнүккөн? Кандай өзгөрүүлөр болду? Бул өзгөрүүлөргө эмне түрткү болду? Алар кандай таасир этти?
3. Сиздин пикириңизде, Кыргызстандын ММКларында тыюу салынган темалар барбы? Бар болсо, кайсылар? Эмне үчүн?
4. Кыргызстандын кесиптик ММКларында көрсөтүлбөгөн/аз көрсөтүлгөн топтор барбы? (айрым гендердик топтор, ДМЧА, жаштар, улгайган адамдар ж.б.) Бул топтордун ММКда көрсөтүүнү кеңейтүү үчүн муктаждык/зарылчылык барбы? Эмне үчүн? Бул үчүн эмне кылуу керек?
5. ГСЖ стандарттары жөнүндө уктуңуз беле? Сиздин оюңузча, Кыргызстандагы журналисттер ГСЖ стандарттарын сакташы керекпи? Сакташ керек болсо, эмне үчүн? Эгер жок болсо, эмне үчүн?
6. Кыргызстандын журналистикасында ГСЖ стандарттары колдонулабы? Кыргызстандын журналисттери колдонгон этика кодекстеринде ГСЖ стандарттары бекитилгенби? Бекитилген болсо, мисал келтириңиз. Кыргызстандын журналистикасында ГСЖ стандарттарын жайылтуу керекпи? Эмне үчүн? Бул үчүн эмне кылыш керек деп ойлойсуз?
7. Кыргызстанда ГСЖга карата стереотиптер/терс ынанымдар барбы? Бар болсо, мисал келтириңиз. Бар болсо, кайсылар, алар канчалык кеңири тараган? Алар кандай таасир этет? Бул стереотиптерди/терс ынанымдарды жеңүү үчүн эмне кылуу керек?
8. Кыргызстанда ГСЖ стандарттарына ылайык келбөө, гендердик маселелерди туура эмес чагылдыруу көйгөйлөрү барбы? Бар болсо, бул көйгөйлөр кантип көрүнүүдө, Кыргызстандын журналисттери гендердик маселелерди чагылдырууда кандай катачылыктарга жол берип жатышат? Ушундан улам кандай терс кесепеттер келип чыгууда?
9. ГСЖ стандарттарына ылайык келбөө көйгөйлөрүн жеңүү үчүн эмне кылуу керек деп ойлойсуз? Бул көйгөйлөрдү чечүүгө кандай тоскоолдуктар тоскоол болууда?

*ГСЖ стандарттары жөнүндө маалымдуулук.*



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com

10. Кыргызстанда ГСЖ стандарттары тууралуу ачык маалымат булактары барбы? Бар болсо, кайсылар? ГСЖ стандарттары жөнүндө маалыматты кайсы булактардан аласыз?
11. Кыргызстанда ГСЖ стандарттарына тиешелүү окутуу курстары/семинарлар жөнүндө уктуңуз беле? Уккан болсоңцз, окутуунун тематикасы, формасы кандай болгон, окутууну кайсы уюм өткөргөн?
12. Сиз/сиздин кесиптештериңиз ГСЖ стандарттарына байланыштуу окуу курстарына/семинарларга катыштыңыз беле? Катышкан болсоңуз, сүрөттөп бериңиз (качан, тема, форма, уюштуруу). Окуу курстарына/семинарларга катышуу сиздин кесиптик ишиңизге кандай таасир этти?
13. Сиздин пикириңиз боюнча Кыргызстанда ГСЖ стандарттары тууралуу маалыматтын жетишсиздиги көйгөйү барбы? Бар болсо, кандай? Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн эмне кылуу керек? Кандай маалыматка/окуу семинарларына муктаждык бар?

*ГСЖ стандарттары ЖОЖдордун окутуу программаларында*

ГСЖ стандарттарын ЖОЖдордун окутуу программаларына киргизүү жөнүндө сүйлөшөлү.

14. ГСЖ стандарттары сиз окуткан ЖОЖдо окутуу программаларына киргизилгенби?
15. Эгер киргизилген болсо, ГСЖ стандарттары кандай формада киргизилген (милдеттүү курстар, атайын курстар, дагы башка форма)?
16. Эгер киргизилген болсо, ГСЖ стандарттары окуу программаларына толук киргизилгенби? Эгер жок болсо, эмне үчүн? Кайсы аспектилер киргизилген эмес? Окуу программаларына эмнелерди киргизүү керек? Бул эмне үчүн маанилүү?
17. Эгер стандарттар киргизилбесе, эмне үчүн? Сиз кандай ойлойсуз, буларды киргизүү маанилүүбү? Эмне үчүн?
18. ГСЖ чөйрөсүндө илимий-изилдөө иштери жүргүзүлөбү? Эгерде жүргүзүлсө, иштердин мисалын келтириңиз? Эгер жүргүзүлбөсө, эмне үчүн?
19. ГСЖ чөйрөсүндө илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү канчалык маанилүү деп ойлойсуз? Эмне үчүн?

*Сунуштар*

20. Кыргызстанда журналисттик коомчулуктун ГСЖ чөйрөсүндө кандай муктаждыктары бар? Бул муктаждыктарды ишке ашыруу үчүн эмне кылуу керек?
21. Сиздин оюңуз боюнча Кыргызстанда ГСЖ стандарттарын илгерилетүү үчүн кандай чараларды көрүү керек:
    - Өкмөткө.
    - ММКга.
    - Билим берүү уюмдарына
    - Жарандык коомго/Коомдук умдарга.
    - Башка уюмдарга/адамдарга.

22. “InKoom – Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоору ГСЖ стандарттарын илгерилетүүдө кандай колдоо көрсөтө алат?

*Корутунду*

23. Биздин талкуу соңуна чыкты. Сиздин оюңуз боюнча, биз бүгүн талкуулабаган ГСЖ стандарттарына байланыштуу суроолор барбы? Бар болсо, алар кандай суроолор?

Катышканыңыз үчүн рахмат!

## C. Маалымдуу макулдук

**МААЛЫМДУУ МАКУЛДУК**

**Урматтуу респондент!**

“Социалдык технологиялар агенттиги” КБ жана “Социологиялык, политологиялык жана социо– психологиялык изилдөөлөр борбору” КБ 2022-2025-жылдар аралыгында Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен ишке ашырып жаткан “InKoom – Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөктөшүү” долбоору Кыргыз Республикасындагы ММКнын ишмердигинин гендердик аспектилеринин учурдагы абалын баалоо, долбоордун иш-аракеттерин андан ары пландаштыруу жана долбоордун алкагында андан аркы иш-аракеттердин актуалдуулугун аныктоо, ошондой эле комплекстүү мамилени иштеп чыгуу үчүн базалык изилдөө жүргүзүп жатат. Изилдөө фокус топтор ыкмасы менен жүргүзүлүүдө. Талкуу 1,5 саатка созулат. Сиз бизге бере турган маалымат купуя болуп саналат. ФТда талкуунун натыйжалары изилдөө максатында жалпыланган түрдө ГАНА колдонулат.

Бул формага кол коюу менен сиз изилдөөгө жана фокус-топторду аудио жаздырууга катышууга макулдук бересиз.

Респонденттик аты-жөнү __________________________ Кол тамга __________

Дата ______________________________



**“Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук бирикмеси (СТА)**
Адрес: 700001, Кыргыз Республиасы, Бишкек, Турусбеков көч.109/3, 206 б.
www.sta.kg Tel: (996 312) 31 16 71, Email: ngo.sta.kg@gmail.com